# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АВГУСТ 2015 | № 8 (45) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

Күндүн темасы

Кенжебек БОКОЕВ:
жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ийгилиги үчүн эки шарт зарыл: ЖӨБ органдарынын күчтүү бирикмеси жана ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын башчыларын түз шайлоо ... 2

ЖӨБдүн каржысы

Мамлекеттик бюджеттин чакырыктары: чоң таңсыктык жана финансынын ашыкча борборлоштурулушу ... 8

Жерди ижарага берүүдө сынактык жол-жоболор жергиликтүү бюджеттин кирешесин 10 эсе көбөйтөт ... 11

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» жаңы Мыйзам:
ЖӨБ органдары эмнени күтсө болот (сатып алууларды пландаштыруу, конкурстар, квалификациялык дайындар, конверттерди ачуу, конкурсту жокко чыгаруу, босоголук суммалар ж.б. тууралуу)? ... 14

Финансылык сабаттуулук

Эвергриния –
Фин-Билим-Сити Муниципалитети-2015: форматтардын ийгиликтүү биригүүсү ... 23

Түзүлүш жана саясий турмуш ... 25

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу ... 28

Жумуштуулук жана бизнес ... 33

Билим берүү, маданият, спорт жана бош убакыт ... 34

Айдар АКБАШЕВ:
«Мен үй-бүлөмдүн финансы билимдеги кенемтесин толуктоого аракет жасайм» ... 37

Мира ЖАКШЫЛЫКОВА:
«Насыя алардын алдында катуу ойлонуп көрөм» ... 38

Аманиса МАМЕДОВА:
«Эми мен өз керектөөлөрүмдү каалоолоруман ажыратып, финансылык максаттарды коюп, аларга жетүүгө аракет жасайм» ... 38

Акмарал МЕРГЕНТАЕВА:
«Акча – бул курал. Адам аны кантип колдонсо, ал ошого жараша иштейт – же пайда, же зыян алып келет» ... 39

Евгения СТЕПАНОВА:
«Бардык адамдар тапканына караганда азыраак сарптап, активдүү гана эмес, пассивдүү да киреше алып турушун каалайт элем!» ... 39

Эльмира УСЕНБЕКОВА:
«Эми менде өз кыялымды орундатуу үчүн каражат таба алам деген ишеним күч» ... 40

Роза ХАДЖАКБАРОВА:
«Ата-энебиз кандай эмгек менен акча таап жатканын түшүндүм» ... 40

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**



# Кенжебек БОКОЕВ:
## жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ийгилиги үчүн эки шарт зарыл – ЖӨБ органдарынын күчтүү бирикмеси жана ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын башчыларын түз шайлоо

**Кыргызстанда муниципалитеттердин саны көп болгонуна карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коргоочулары аз эле. Ар бир реформаны, ар бир жаңы мыйзамды адистердин өтө тар чөйрөсү гана иштеп чыгат жана талкуулайт, ал эми мындай саясатчылардын саны андан да аз. Жакында өлкөдө чоң саясий оюн башталат – парламенттик шайлоо өтөт. Бул оюнда жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзгөчө ролду ойнойт: дал ушул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына добуш берүүнү уюштуруу боюнча оор иштер гана жүктөлбөстөн, ошону менен бирге алар саясий партиялардын үгүт толкуну каптай турган башкаруу системасынын бир бөлүгү болуп калышат. Ошону**

**менен бирге жарандарга гана эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрүнө да көптөгөн туура сөздөрдү айтышып, бир топ убадалар берилет. Шайлоо өтөт, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз көйгөйлөрү менен кала берет. Ушундай эле көрүнүш өткөн парламенттик шайлоодо да болгон эле: чынында ал маалда жергиликтүү өз алдынча башкарууга так убаданы эч ким берген эмес, бирок өнүгүү, эркиндик, көз карандысыздык баарына убада кылынган. «Муниципалитет» журналы парламенттин ишинин жалпы жыйынтыгына баа бербейт – маалымат чөйрөсүндө бир топ тыянактарды жана пикирлерди табууга болот. Биз үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктары көз карашынан алганда парламенттин ишине баа берүү маанилүү: ал кызыкчылыктары канчалык сакталды, мыйзамдык базада олуттуу жакшыруулар болдубу, орой каталар кетирилдиби.**

**«Муниципалитет» журналы жана Өнүктүрүү саясат институту Жогорку Кеңештин депутаттарынын өткөн чакырылышы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүү тарыхында өз изин калтырганын белгилешет. Депутаттардын арасында ЖӨБдүн өнүгүүсүнө кызыкдар болгон, кырдаалды жакшы билген, көйгөйдү көрө алган жана аны чечүү жолдорун сунуштаган лидерлер болгону буга себеп. Мындай адамдардын кыска тизмесинин сап башында эч талашсыз Кенжебек БОКОЕВ турат. Мурда элеттик муниципалитетти жетектеп турган БОКОЕВ парламентте ЖӨБдү коргоп гана чыкпастан, депутат болуп турган мөөнөттө бир катар олуттуу мыйзам долбоорлорун кабыл алдырууга да жетишти. Ошону менен бирге БОКОЕВ ЖӨБдүн турумун жалпы талкуулардын алкагында гана коргобостон, жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн маанилүү мыйзамдык чечимдердин комплексин демилгелеп чыккан азыноолак депутаттардын бири болуп калды.**

**Кенжебек БОКОЕВ кайрадан Жогорку Кеңештин депутаты болууга ниеттенип турат. Ошондуктан «Муниципалитет» журналы ага сөз берүүнү туура деп тапты. Бирок жалпысынан журнал да, аны басып чыгарган Өнүктүрүү саясат институту да шайлоо алдындагы өнөктүккө катышпай турганын белгилей кетели. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү маселелер менен күндө алектенип, парламент жана башкаруунун башка органдары менен тыгыз байланышта болуп, жергиликтүү саясатчылардын сөзүнүн жана ишинин баасы билүү менен, депутат БОКОЕВдин жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон берилгендигин белгилебей коё албайбыз. Ошондуктан ага шайлоодо жеңиш каалайбыз.**

**– Сиздин жергиликтү өз алдынча башкаруунун коргоочусу катары парламенттик амплуаңыз – бул пландаштырылган кадамбы, же окуялардын сиз үчүн күтүлбөгөн бурулушу болдубу? Депутаттык ишиңиздин башында жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен алектенүү оюңузда бар беле?**

– Мен Жогорку Кеңешке негизги идея менен баргам – өлкөбүздүн басымдуу бөлүгүн түзгөн, бирок өнүгүүсү көңүл жылытпаган элет калкынын кызыкчылыктарын коргоо. Ошону менен бирге өзүмдүн алдыма элеттеги турмуш шартын жакшыртуу, айыл чарбасын өнүктүрүү, элеттиктердин күнүмдүк жашоосунда бакубаттыкка жетүүсү өңдүү тапшырмаларды койгом. Ошентсе да бир нече башка маселелер менен алектенүүгө да туура келди. Башкаруу системасында, өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкарууда реформа жүргүзмөйүнчө башында коюлган тапшырмалар аткарылбай турганы анык болду. Ошондуктан айылдын конкреттүү көйгөйлөрүн чечүү боюнча так демилгелердин ордуна жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында реформа жүргүзүү жана аны өнүктүрүү менен алектендим. Тилекке каршы көпчүлүк депутаттар жана атүгүл жогорку деңгээлде дагы мамлекеттик аткаруу органдарынын өкүлдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу бир топ бурмаланган түшүнүккө ээ экени, Конституцияны окубай турганы белгилүү болду. Алар ЖӨБ – бул аткаруу бийлигинин системасына кирбеген, мамлекеттик аппаратка салыштырмалуу башка мыйзамдар менен жаралып, ошолор менен жашай турган мамлекеттик башкаруунун өзгөчө системасы болгонун баамдай беришпейт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табияты мамлекеттин табиятынан айырмаланып турат. Анткени мамлекет жалпысынан калктын керектөөлөрүнө кызмат өтөсө, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу – конкреттүү жамааттын кызыкчылыгы үчүн иштейт. Бул карама-каршы коюу эмес, бул биздин Конституциябызда бекитилген улут менен жамааттын кызыкчылыктарынын тата-ал, бирок үндөшкөн айкалышуусу. Бирок аткаминерлерге жергиликтүү өз алдынча башкарууда мамлекеттик аппараттын уландысын гана көрүү ыңгайлуу. Аткаминерлердин жетекчилерге административдик жаза берүүгө болгон умтулуусу мунун айкын мисалы. Айталы, жакында эле премьер-министрдин борбор калаанын мэрине жарыялаган сөгүшү эле эмнени айтып турат. Сөгүштүн логикасын ала турган болсок, кийинки кадам – катуу сөгүш болушу ыктымал, ошентип отуруп ээлеген кызматынан бошотууга чейин жетиши мүмкүн. Бирок, кечиресиздер, азыркы Конституцияга ылайык, премьер-министр мэрди иштен кетире албайт да. Мына, ушул көйгөй бар – сөгүш берүү, «килем» үстүнө чакыруу, бөтөндүн функцияларын жана милдеттенмелерин аткарууну талап кылуу. Мезгил алга кетти, башкаруу системасы түп-тамырынан бери өзгөрдү, бирок усулдар эски бойдон калды. Мына ушинтип жашап келатабыз: премьер-министр мэрге сөгүш жарыялайт, ал эми райондук акимдер элеттик муниципалитеттердин башчыларын такыр эле алдына салып алышкан – жолдун узактыгына карабастан аптасына 3-4 жолу районго келүүнү талап кылышат; алардан салыктар жана социалдык төлөмдөр боюнча пландын аткарылышын сурашат; эч кандай акы төлөбөстөн,

мисалы, биометрикалык маалыматтарды чогултуу өңдүү аларга туура келбеген функцияларды жүктөп коюшат. Мындай мисалдар көп эле.

**– Эки жыл мурда, 2013-жылдын жай мезгилинде өлкө социалдык жана саясий катаклизмдердин аң ына түшүп кетерине аз гана калганын Кыргызстандын эли биле бербейт. Буга Ж.САТЫБАЛДИЕВдин өкмөтү сунуштаган «вертикалды күчтөндүрүү» деп аталган административдик жана саясий реформалардын кесепеттери себеп болмок. Ошол окуяларда Жогорку Кеңештин жана жеке Сиздин ролуңуз кандай болду?**

– Чындыгында эле кырдаалга көзөмөлдү жоготуп алууга аз эле калган. 2013-жылдагы окуяларды мен санкция берилбеген конституциялык реформа аракетине салыштырмакмын. Ж.САТЫБАЛДИЕВдин өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын талкалап, жаңы гана киргизилген эки деңгээлдүү бюджетти жокко чыгарып, ЖӨБ жетекчилерин дайындоону киргизип, ЖӨБдөн жер жана жайыттар өңдүү ресурстарды башкаруу укугун тартып алууну сунуштаган. Мындай «реформага» 2010-жылдагы кандуу окуялардан кийин өзүнө келе албай жаткан өлкө кандай реакция жасарын элестетүү кыйын. Ресурстардын жана бийликтин райондук акимдердин колунда топтолуусу, бардык башкаруу системасынын премьер-министрге вертикалдык баш ийүүсү болжолдоп айтууга мүмкүн болбогон кесепеттерге, атүгүл социалдык жарылууга да алып келмек. Ал эми муну болсо өлкө көтөрө алмак эмес.

Тилекке каршы, бул демилгеге каршы турган жалгыз күч – Жогорку Кеңеш гана болду. Муниципалдык лидерлердин өздөрү эч кандай чара көрүшкөн жок. Бирок бул тууралуу кийин сөз болот. Ошол маалда парламенттеги тынч бөлмөлөрдө жана комитеттердин отурумундагы талкууларда кармашууга туура келди. Биринчи толкунду 2013-жылдын жаз мезгилинде бир кыйла жеңил кайтардык – өкмөттүн сунуштары юридикалык көз караштан алганда өтө «чийки» болчу жана парламент аларды кайра иштеп чыгууга кайтарган. Бирок жай мезгилинде өкмөт аппараттык «десантты» таштады – ондогон кызматчылар региондорду кыдырып, вертикалды бекемдөө боюнча демилгени колдоп берүүгө активди ынандыра баштады. Колдоочулардын бир топ санын топтоп, маселенин юридикалык жагын тазалап, ошол эле жылдын күз мезгилинде өкмөт вертикалды күчтөндүрүү боюнча сунушту кайрадан парламентке киргизди. Мына ушул жерден бизге кыйын эле болду. Анткени өкмөт келтирген жүйөлөр ынандырарлык эле – регионалдык мамлекеттик башкаруу системасы чындап эле реформага муктаж болчу жана бул реформа жергиликтүү өз алдынча башкарууну курмандыкка чалбаш керектигине депутаттарды ынандыруу зарыл эле. Депутаттардын тобу, анын ичинде мен дагы, Өнүктүрүү саясат институту өңдүү коомдук уюмдар депутаттык корпустун жана ММКнын арасында кылдат экспертиза жана чоң түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Жыйынтыгында, жалпыбыздын аракетибиз менен кесепеттери оор боло турган бул чечимди токтотуу мүмкүн болду – демилге атүгүл негизги комитет аркылуу да өтө алган жок. Анткен менен негизги маселе – региондордо мамлекеттик башкарууну уюштуруу маселеси чечилбеген бойдон калды. Административдик-аймактык реформа токтоп турат, муниципалитеттердин ирилешүүсү ишке ашкан жок, мамлекет менен райондук деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда ыйгарым укуктар бөлүштүрүлгөн эмес. Ошентип өкмөт өз көйгөйлөрүн чечүү үчүн башка «рецепттерди» таба албай койду.

**– 2013-жылдагы окуя, премьер-министрдин мэрге сөгүш жарыялашы, биометрикалык маалыматтарды топтоо өңдүү мына ушундай фактылар мамлекеттик бийликтин аткаруу бутагынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилеси көп деле өзгөрбөгөнүн көрсөтүү – кызыкчылыктардын теңдиги жана саясий диалог байкалбайт, алардын ордуна буйрукчул-административдик система ишин уланта берүүдө. Ал эми Жогорку Кеңешке карата кандай? Сиз үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча кесиптештериң из менен иш алып баруу канчалык жеңил болду?**

– Жогорку Кеңештин депутаттарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерин түшүнүү деңгээли

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

## Кенжебек Сатымкулович БОКОЕВ

**КР Жогорку Кеңешинин V чакырылыштагы депутаты, Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөш боюнча комитеттин Төрагасы. 1992-жылы Москвадагы Скрябин атындагы ветеринардык академиянын зооинженерия факультетин бүтүргөн. Линкольн университетинин (АКШ, Миссури штаты) жана КР президентине караштуу Башкаруу академиясынын сертификаттарынын ээси. Советтик армиянын катарында Ооганстанда кызмат өтөгөн, ишкерчилик менен алектенген, эки жолу айыл өкмөт башчысы болуп шайланган. КР муниципалдык кызматынын отличниги, КР Муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси. «Эрдик жана кайрат үчүн», «Аскер кызматында артыкчылык көрсөткөнү үчүн» 2-даражадагы наамдардын, бир катар ардак грамоталарынын ээси. Кыргыз Республикасынын Жогору Кеңешинин депутаты болуп иштеп турган чакта жыйырмадан ашуун мыйзам долбоорлорун демилгелеп чыккан. Ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун фундаменталдык же орчундуу көйгөйлөрүн чечүүгө негиз салып, шарт түзүү демилгелерин көтөргөн. Алар: ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды финансылык жана усулдук камсыздоо менен өткөрүп берүү; жүйөсүз текшерүүлөрдүн санын кыскартуу; жаңы конуштарда электрификация үчүн жоопкерчилик маселесин тартипке келтирүү; райондук деңгээлде кеңештерди жоюу; жергиликтүү жамааттардын уставын күчтөндүрүү максатында аны мыйзамдарда тактоо.**

2011-жылга салыштырмалуу бир топ өскөнүн так айта алам. Бери дегенде комитеттердин төрагалары жана жигердүү мыйзам чыгаруу позициясы бар депутаттар беш жыл ичинде мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелеринин негиздерин баамдап калышты. Менин ЖӨБ чөйрөсүнөн өтө алыс болгон, мисалы, күч структураларынан келген көптөгөн кесиптештерим эми бийлик системасынын чеги менен ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын айкын көрүп калганын чоң кубаныч мен белгилей алам.

Анткен менен, тилекке каршы, өтө аз депутаттар гана ЖӨБ маселелери боюнча жигердүү мыйзам чыгаруучу турумга ээ, системанын концептуалдык өнүгүүсү үчүн өзүнө жоопкерчилик алышпайт, талкууда жана добуш берүүдө колдоо көрсөтүү менен гана чектелишет. Көпчүлүк депутаттык демилгелер сектордук мүнөзгө ээ жана ЖӨБдүн кызыкчылыктары менен дараметин эсепке албайт. Бүгүнкү күндө парламентте ЖӨБ кызыкчылыктарынын өкүлдөрүнүн чоң жана салмактуу тобу түзүлбөй калганын, мурдагыдай эле ЖӨБго арналган иш-чараларда катышуучулардын тизмесинде жана ЖӨБдүн кызыкчылыктарын көздөөгө багытталган мыйзам долбоорлордун алдында беш-жети депутаттын гана аты-жөнү жүргөнүн айтууга болот.

Өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосундагы кызыкчылыктардын жана саясий диалогдун теңдиги жоктугу тууралуу айта турган болсок, бул – Кыргызстан үчүн глобалдуу көйгөйдүн бир бөлүгү. Дагы бир жолу белгилей кетейин, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө базалык мыйзамдар бул саясий диалогдун алкактарын жарата алды. Ал улут менен жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын айкалыштыруу зарылчылыгынан улам пайда болгон. Болгондо да ресурстар үчүн атаандашпай тургандай, бири-бирин толуктап, жалпысынан элдин жана ар бир адамдын өзүнчө өнүгүүсүнө көмөктөшкөндөй кылып толуктачу деңгээлде айкалышууга тийиш. Мында башка нерсени ойлоп табуу керек эмес – дүйнө коомчулугу узактан бери борбордун жана аймактардын кызыкчылыктар теңдиги көйгөйүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү аркылуу чечип келатат.  Ал эми баланстын өзү болсо ЖӨБ менен өкмөт ортосундагы саясий диалог менен камсыздалат. Бирок Кыргызстанда саясий диалог муну өкмөт каалабаган үчүн гана жок эмес. Акыры өкмөт ар бир муниципалитет менен, ар бир жамаат менен өз-өзүнчө сүйлөшүү жүргүзүүгө алы келбейт да. Анткени алардын саны дээрлик жарым миңге жетет эмеспи. Ар бир эле муниципалитет системанын жалпы көйгөйлөрүн жана керектөөлөрүн тизмектеп чыга албайт. Анткени ар бир жамаат ар башка да! Натыйжада Кыргызстанда бул системанын өзөктүк тоогосу болбогон үчүн диалог да жүрбөй жатат. Ал эми өзөктүк тоогосу – бул өз мүчөлөрүнүн – муниципалитеттердин кызыкчылыктарын чындап коргогон күчтүү муниципалдык ассоциация. Ал ассоциация бардык жергиликтүү жамааттардын атынан өкмөт менен диалогду тең укуктуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуш керек.

**– Күчтүү муниципалдык ассоциацияны түзүүгө ким кызыкдар жана бардык жамааттын атынан легитимдүү сүйлөй ала тургандай болуп кантип түзүлүш керек?**

– Формалдуу түрдө Кыргыз Республикасында Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзу бар. Бул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө саясий жана сүйлөшүү процессинде өкмөттүн өнөктөшү болчу уюм. Атүгүл Союздун ролу айрым мыйзамдарда да белгиленген. Окуялардын өнүгүү логикасы жана саясий кырдаал Союздан мыйзамдык процесстерге, жергиликтүү өз алдынча башкаруу саясатын түзүү процессине да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууга да катышууну талап кылат. Биз Союз ЖӨБ чөйрөсүндөгү ар кандай мыйзамдык жана ченемдик демилгелердин жигердүү катышуучусу болот, ЖӨБго тиешелүү бир дагы мыйзам кандай болсо да аны кыйгап өтпөйт; Союз ЖӨБ реформаларынын негизги кыймылдаткыч күчү болот, өкмөт менен саясий диалогду түзүүдө демилгечи катары чыгат деп үмттөткөн элек. Аны менен катар бардыгы Союздан ал бюджеттер аралык мамилелерге карата, өлкө бюджетин түзүү процессинде, жергиликтүү бюджеттердин кызыкчылыктарын коргоодо Союз сүйлөшүүлөргө жигердүү катышат деп күтөт. Бирок мындай болбой жатат.

Союздун мындай пассивдүү, атүгүл такыр эле болбогон турумунун себептерине токтолгум келген жок. Болгону бул бирикме көп жыл мурда «жогорудан төмөн карай» принциби боюнча, айрым коомдук уюмдардын, эл аралык долбоорлордун жана атүгүл айрым адамдардын демилгеси менен түзүлгөнүн гана кошумчалай кетейин. Союз бир убактарда Шаарлардын ассоциациясы болуп, ЖӨБ саясатына карата белгилүү бир роль ойногон тарыхый учур да болгон. Анткен менен ал учурда өкмөт жана бардык башкаруу системасы өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосундагы толук кандуу сүйлөшүү процессине жалпысынан даяр эмес болчу. Тилекке каршы, убакыт өткөн сайын Союз көндүмдөрүн жана саясий салмагын жоготуп алды. Бирок өкүнүчтүүсү – бул жоготуу процесстин калган катышуучуларынын баары саясий диалогду түзүү үчүн «бышып-жетилип» калган тарыхый учурга туш келди. Ошондо өкмөт ким менен сүйлөшөрүн деле билбей калды. Мына, акыркы эле мисалды алалы: 2015-жылдын экинчи жарымында өкмөт мектеп формасына болгон талапты бекитип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колу жука үй-бүлөлөргө аны сатып алууга жардам берүү милдетин жүктөдү. Аз камсыздалган ата-энелер жардам сурап мэрияга жана айыл өкмөтүнө чуркары түшүнүктүү. Бирок эч кимди жергиликтүү өз алдынча башкаруу бул үчүн кайдан каражат алары кызыктырган жок. Анткен менен кийин канча окуучу 1-сентябрга карата кийингенин

башчылардан сурашары турган иш. Эл да, өкмөт да сурайт. Эмне үчүн мындай чечим кабыл алууда аны Союз менен талкуулашкан жок? Ал же мындай чечимди кабыл алууга жол бермек эмес, же аны республикалык бюджеттен кошумча ресурстар менен камсыздап берүүнү талап кылмак

Учурда Кыргыз Республикасы жаңы муниципалдык ассоциацияга же форматын өзгөрткөн Союзга муктаж болуп турат. Ал муниципалдык кыймылга форма бермек жана өкмөт менен диалогду түзүүдө муниципалитеттердин башында турмак. Ошону менен бирге бирикме муниципалитеттердин каалоосу, демилгеси боюнча төмөн жактан башталыш керек. Кыргыз Республикасынын айрым бир облустарында жана райондорунда ЖӨБ органдарынын өз кызыкчылыктарын биргелешип коргоо үчүн биригүүгө жасаган аракетин байкап келатабыз. Мындай аракеттер башаламан мүнөзгө ээ, көп учурда муниципалдык саясатчылар өздөрүнүн гана регионалдык кызыкчылыктарын эске алып, жалпысынан бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын баамдай алышпай жатат. Бирок акыркы эки жылда мындай формалдуу жана формалдуу эмес ассоциациялар түзүлүп жатканы көп нерседен кабар берет. Биринчи кезекте бул – муниципалдык кыймылдын өз ичинен «бышканынын» далили, жергиликтүү маанидеги маселелерде ЖӨБ органдарынын улам өсүп келаткан ыйгарым укуктарынын жана көз карандысыздыгынын жыйынтыгы.

Күчтүү, өкмөт менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү муниципалдык ассоциация – бул бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жалпысынан Кыргызстандын ийгилиги үчүн биринчи кезектеги жана маанилүү шарты.

**– Кыргыз Республикасынын башкаруу системасы жана саясий салттары кандайдыр бир кыймылдын өнүгүүсүндө же кайсы бир идеяны жайылтууда айрым адамдар, лидерлер чоң роль ойной тургандай түптөлүп калган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун лидердик дараметин кандай деп баалайт элеңиз? Анын өнүгүүсү үчүн эмне кылыш керек?**

– Лидерлик жана лидерлер – Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн анын азыркы абалында өтө оор маселе. Бул маселе улуттук деңгээлде да, түздөн түз ЖӨБ деңгээлинде да курч турат. Улуттук деңгээлде саясатчылар жана депутаттар, анын ичине министрлер корпусун, жогорку кызмат адамдарын кошкондо башкаруучулар, ММК тарабынан ЖӨБ чөйрөсүнө өтө аз көңүл бурулуп келет. ЖӨБ деңгээлинде лидерлик дараметти өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн эмес. ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси кызматы дымагы күчтүү жана билимдүү, олуттуу лидерлик дараметы бар адамдарды кызыктырбайт. Мисалы, айылдык аймактын башчысын бир жагынан жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жетекчиси башчынын ордуна талапкерлерди сунуштап, буйруктарды берип, сөгүш жарыялап кысат. Экинчи жагынан башчыга жергиликтүү кеңеш өтө катуу көз салып, айрым учурларда эч жүйөсүз көзөмөлдөп турат. Мында жергиликтүү кеңеш жөн гана башчыны шайлап койбостон, атүгүл башкарууга, кадрдык жана финансылык маселелерге чейин аралашып кетет. Мындай шарттарда эки жол бар: же «аз жасаган көп ката кетирбейт» деген принцип боюнча эч нерсе кылбай коюу; же дайыма конфронтацияда болуп, тирешип, кысымга кабылуу. Жаратмандыкка, өнүгүүгө, жамааттагы жашоону жакшыртууга күч да, убакыт да калбай калат. Буга кошумча ресурстар такыр жетишсиз. Мунун баары ар кайсы маселе боюнча айыл өкмөтүнө же мэрияга баш бага берген калк тарабынан чоң үмүттөрдүн фонунда болууда. Кайсы эле саясатчы же лидер мындай шарттарда иштегиси келсин? Эң мыкты жана атаандаштыкка жөндөмдүү лидерлер жергиликтүү өз алдынча башкарууда иштегиси келбейт, бизнеске же мамлекеттик структурага умтулушат. ЖӨБдүн учурдагы башчыларын таарынткым келбейт жана алардын арасында татыктуу адамдар аз болбогонун белгилейм. Бирок алар жылаңач патриотизмдин арты менен гана иштешүүдө, ал эми иштен моралдык да, материалдык да чыныгы канааттанууну азыноолак жетекчи гана алары талашсыз. Бул туура эмес.

Кырдаалды жөнгө салуунун бир гана жолун көрүп турам – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жетекчилерин түз шайлоону киргизүү. Биринчиден, бул башчыларды жергиликтүү мамлекеттик администрациядан толук көз карандысыз кылып, ЖӨБго карата административдик ээнбаштыкка бөгөт коймок. Экинчиден, бул атаандаштыкты пайда кылмак – көз карандысыз кызматка умтулган чындап эле татыктуу талапкерлердин саны көбүрөөк болмок. Үчүнчүдөн, ЖМА алдына отчет берүүгө караганда, башчылардын калк алдында жоопкерчилик деңгээли да жогоруламак; ал эми жергиликтүү кеңеш алдындагы отчеттуулук тең салмакта болмок.

Мен өзүм эки жолу элеттик муниципалитеттин башчысы болгом, шайлоонун эки ыкмасы ортосундагы айырманы өз тажрыйбамдан улам көргөм. Биринчи жолу, 2005-жылы түз шайлоо жолу менен шайлангам жана шайлоо өнөктүгү маалында ар бир айылды гана эмес, ар бир көчөнү да кыдырып чыккам! Ар бир үй-бүлө менен сүйлөшүп, жашоочулардын көбү мени, мен аларды таанып калгам. Бул болсо чоң жоопкерчиликти жүктөйт, мүмкүнчүлүгүңө карабастан ар бир убадаңа турушуң керек болот. Карыяларга сөз берип койгонум үчүн көпүрөнү оңдогонго өз чөнтөгүмөн акча чыгарган күндөр да болду. Башкача болушу мүмкүн эмес, себеби ар бир аткарылбай калган убада кайрадан шайланууну мүмкүнчүлүгүңдү азайтат. Тилекке каршы, 2009-жылы Конституция өзгөрүп, шайлоо кыйыр формада өтүп калды. Манипуляциялар көбөйүп, башчылардын жоопкерчилиги азайып калды деп ишенимдүү айта алам. Жергиликтүү кеңеш аркылуу шайлоо

башчыга муниципалитет бир нече айылдан турса, алыскы айылга барбай деле коюуга жол берет.

Ошон үчүн түз шайлоо – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн экинчи маанилүү шарт. Бул маселени эч токтоосуз чечүү керек.

**– Шайлоо ыкмаларына баа берүүдө эксперттер адатта түз шайлоо жергиликтүү кеңештердин күчүн кетирип, отчеттуулук коллизиясын пайда кыларын айтышат. Мындай учурда башчы деги эле кимге отчет берери – өкүлчүлүктүү орган катары кеңешкеби, же аны шайлап алган калккабы – мына ушул түшүнүксүз болуп калат. Мындан тышкары эксперттер бийликке кылмышкерлер, экстремисттер келип калуу тобокелчилиги жогору болгонун, алар мындай шайлоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына кирип кетиши мүмкүн экенин айтышат.**

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Жарандар мэрлерди же айыл өкмөт башчыларын тандоо укугун жергиликтүү кеңештерге ишенеби?**

**Жооп – «ооба» дегенге караганда көбүрөөк «жок». Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы кызматына талапкерди талкуулоо процессинде фракциялардын тирешүүсүн карап отуруп, жарандар да өз тыянактарын жасоодо. Алар жергиликтүү кеңешке мындай маанилүү жана жоопкерчиликтүү ишти ишенип берүүгө болбойт, андан көрө түз шайлоо өткөрүп, атүгүл ЖӨБ жетекчилерин «жогору жактан» дайындоо туура болмок деп эсептей баштады. Муну жарандардын шайлоо формаларына карата мамилесин көрсөткөн динамика ырастап турат – бул чечимди жергиликтүү кеңештерге ишенип берүүгө даярлардын саны азайган, болгондо да 50 пайыздан 17 пайызга чейин, дээрлик ҮЧ (!!!) эсе азайган (диаграмманы караңыз). Башкача айтканда, беш жыл мурда ар бир экинчи кыргызстандык жергиликтүү кеңештерге муниципалитеттин башчысын шайлоону ишенип берсе болот деп эсептечү. Эми болсо мындай пикирди өлкөнүн ар бир бешинчи жашоочусу карманат.**

*ЖӨБдүн аткаруучу органдарын шайлоо ыкмасына карата жарандардын мамилесинин динамикасы, 2010-жыл жана 2015-жыл.*




Булак: «Муниципалитет» журналы, № 5-6, 2015-жылдын май-июнь айлары.

– Эгерде жергиликтүү кеңешке башчыга ишеним көрсөтпөө укугун берсе, мындай кырдаал түзүлбөйт. Мындан тышкары референдум өңдүү аспапты колдонуу жагын караштыруу зарыл. Мисалы, Польшада референдумдардын олуттуу бөлүгү калк жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилигине наразы болгон учурда өткөрүлөт. Жалпысынан мыйзам чыгаруучулар кеңештин мыйзам чыгаруучулук жана контролдук функцияларын аткаруусун жана башчынын калкка отчеттуулугун камсыздоо үчүн атайын системасын ойлоп таба алат жана муну жасаш керек. Акыр аягы башчы өзү каалагандай эмес, кеңеш бекиткен пландарга жана программаларга ылайык иштеш керек эмеспи. Ошондуктан муниципалитеттеги оюндун шарттарын кеңеш аныктоодо жана мындан ары да аныктай бермекчи. Бирок башчы ыкчам маневр үчүн көбүрөөк ишенимге жана эгемендикке ээ болушу шарт.

Айыл өкмөтүнүн жетекчилигинде кылмышкерди же экстремистти көрүп калуу тобокелчилиги тууралуу айта турган болсом, ишенип коюуңуз, шайлоонун кыйыр системасында мындай тобокелчилик аз эмес, көбүрөөк да болушу мүмкүн. Бүтүн жамаатты керектүү адам үчүн добуш берүүгө (түз шайлоо) мажбурлаганга караганда, тогуз-он бир депутатты көндүрүү (кыйыр шайлоо) бир кыйла жеңил.

**– Жогорку Кеңештин депутаттарынын жаңы курамына кошулуп калсаңыз, Сизде иш-аракеттердин программасы барбы? Эгерде мындай болбой калса, Сиздин башка пландарыңыз барбы?**

– Иш-аракеттердин так программасы бар: ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамды жайылтууну уланта берүү – ыйгарым укуктар финансы менен камсыздалган баскычка жеткенче дагы бери дегенде 2-3 жыл талап кылынат; ЖӨБ органдарын текшерүүнү жөнгө салуу боюнча иштерди уланта берүү; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларын түз шайлоону киргизүүгө жетишүү; күчтүү ассоциация түзүүгө жана өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий диалогун уюштурууга ар тараптан көмөктөшүү. Бирок бул программа депутат болбой калсам да мен үчүн актуалдуу бойдон кала берет. Мен мисалы, коомдук ишмер катары да жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндө ишимди уланта берем. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жашоонун өзүндөй эле аягы көрүнбөгөн, ар түрдүү жана бүтпөс тема.

Маектешкен **Надежда ДОБРЕЦОВА**,
«Муниципалитет» журналынын башкы редактору

# Мамлекеттик бюджеттин чакырыктары: чоң таңсыктык жана финансынын ашкере борборлоштурулушу

**2015-жылдын июнь айынын ортосунда Өнүктүрүү саясат институтунун жамаатында маанилүү окуя болду – ӨСИнин эксперти Назира ТЮЛЮНДИЕВАга 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүүсү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасы ыйгарылды. Анын диссертациясынын темасы – «Туруктуу өнүгүүнү камсыздоо контекстинде мамлекеттин бюджетин башкаруу теориясы, методологиясы жана практикасы». Изилдөөнүн тыянактары жана аларды бюджеттик чөйрөдөгү бүгүнкү көйгөйлөр менен айкалыштыруу тууралуу Н.ТЮЛЮНДИЕВА менен маегибизде сөз болмокчу.**

**– Сиздин диссертацияңыз туруктуу өнүгүүнү камсыздоо контекстинде мамлекеттин бюджетин башкаруу теориясын, методологиясын жана практикасын изилдөөгө арналган экен. Изилдөөнүн мындай өңүтүн тандап алууга эмне түрткү болду?**

– Азыркы шарттарда бюджетти туруктуу башкарууну камсыздоо бардык өлкөлөр үчүн чоң мааниге ээ. Туруктуу саясий системасы бар, экономикасы динамикалуу өнүккөн жана калкынын кирешеси туруктуу өсүп жаткан, өз алдына демократиялык мамлекетти куруу тапшырмасын койгон Кыргыз Республикасында саясий, финансылык, социалдык коопсуздукту кармоо жана өлкөдө кирешенин деңгээлин жөнгө салуу көз карашынан алганда мамлекеттин бюджетинин туруктуулугу маанилүү маселе.

**– Биздин өлкөдө бул багытта кандай көйгөйлөр бар экен?**

– Изилдөөнүн маанилүү тыянактарынын бири – саясий олку-солку шарттарда бюджеттин туруктуулугу көйгөйү алдыңкы планга чыгат. Туруктуулук биринчи кезекте бюджет таңсыктыгынын өлчөмү менен аныкталат. Конкреттүү сандарды келтирели. Кыргызстанда ИДПга карата бюджет таңсыктыгы 2010-жылы ИДПнын 4,9% түзсө, 2011-жылы – 4,8%, 2012-жылы 6,5% болгон.

2013-жылы бир караганда бюджет таңсыктыгынын көрсөткүчү ИДП 1,8% чейин азайганы байкалган. Муну бир факт менен түшүндүрсө болот: Финансы министрлиги Мамлекеттик инвестициялар программасынын рекредиттелген каражаттар бөлүгүндө ресурстарын эсептөөдө өзгөрүүлөрдү киргизген. Алар финансы активдери катары эсептеле баштаган жана мындан улам бюджет таңсыктыгын жабуунун ички булактарында көрүнгөн. Натыйжада бюджет таңсыктыгынын статистикалык көрсөткүчү 2013-жылы 4,8 пайыздан ИДП 1,8% чейин, же 7,2 млрд. сомго чейин кыскара түшкөн. Ошону менен бирге биз 17,7 млрд. сом суммасына тышкы насыяларды тартып келгенбиз.

**– Сиз келтирген статистикалык маалыматтар өлкө бюджетинин таңсыктыгы акыркы жылдары бир кыйла жогорку деңгээлде «кармалып» турганынан кабар берет. 2014-2015-ж.ж. бул багытта кандайдыр бир оң өзгөрүүлөр тууралуу айтса болобу?**

– 2014-жылы республикалык бюджеттин таңсыктыгы башында 11,5 млрд. сом (ИДП 2,9%) өлчөмүндө пландаштырылган. Бирок иш жүзүндө беш эсе (!) аз суммада аткарылды – 2,1 млрд. сом (ИДП 0,5%). Ушул жылы республикалык бюджеттин таңсыктыгы жыл башында 14,7 млрд. сом өлчөмүндө (ИДП 3,3%) бекитилген, ал эми жарым жылдан кийин парламент аны 25,3 млрд. сомго чейин (ИДП 5,8%) көбөйтүү тууралуу чечим кабыл алган. Б.а., өткөн жылга салыштырмалуу бюджет таңсыктыгы 10 эсеге өсмөй болду! Таңсыктыктын азайуу жагына да, көбөйүү жагына да оогон мындай кескин секириктер чечим кабыл алуу процессинде экономикалык эсеп-чоттор эмес, саясий факторлор роль ойноп жатканынан кабар берет.

**– Бюджет таңсыктыгынын мынчалык олуттуу айырмасы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кандай таасир тийгизет?**

– Биздин өлкөдө бюджет таңсыктыгы негизинен тышкы финансы булактарынын эсебинен каржыланат. Экономисттер мурда да ушундай болгонун, тышкы булактар бюджеттеги жетишпеген каражаттын олуттуу бөлүгүн толуктап келгенин айтышы мүмкүн. Анткен менен 2014-жылы мамлекет мам-

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА академиялык чөйрөдө да (КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы), эл аралык уюмдарда жана долбоорлордо да чоң тажрыйбага ээ. КР Финансы министрлигине караштуу Экономикалык жана социалдык реформалар борборунда иштеген чакта Назира илимий изилдөөлөр менен да алектенип жүрдү. Илимий басылмаларда анын авторлугу алдында, авторлош катары же жигердүү катышуусу менен 70тен ашык макала жарык көргөн: «Мамлекеттик финансы» окуу китеби (2005), «Жарандар үчүн бюджет боюнча колдонмону» иштеп чыгуу боюнча долбоор (2002), «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык негиздери» пособиеси (2002), окуучулар үчүн экономика боюнча окуу китебин даярдоо боюнча Junior Achievement International уюмунун долбоору. Junior Faculty Development Program программасынын алкагында (2007) АКШнын Мичиган Мамлекеттик университетинде стажировкадан өтүп келген. 2013-жылдын ноябрь айынан бери Назира ТЮЛЮНДИЕВА Өнүктүрүү саясат институтунун долбоорлорунда бюджеттер аралык мамилелер боюнча адис катары иштеп келатат.**



лекеттик баалуу кагаздардын эсебинен болгону 384 млн. сом гана тарта алган. Тышкы булактардан болсо 22 млрд. сом тартылган жана бул суммага өлкөнүн тышкы карызы өскөнүн ырастаса болот.

Башкача айтканда, мамлекет бир жагынан бюджеттин чоң таңсыктыгын кыскартууга жана экономиканын макроэкономикалык жана финансылык туруктуулугун колдоо үчүн тыштан карыз алууну чектөөгө мажбур болсо, экинчи жагынан экономикалык өсүш үчүн туруктуу чөйрөнү түзүү зарылчылыгы пайда болду. Алдын ала маалыматтарга караганда, 2014-жылы мамлекеттик тышкы карыздын ИДПга карата катышы 50,9% ашкан.

**– Бюджет таңсыктыгынын жана өлкөнүн тышкы карызынын көлөмүндө босого көрсөткүчтөр барбы?**

– Өлкөнүн мамлекеттик тышкы карызынын босого көрсөткүчү ИДП 80%, ал эми бюджет таңсыктыгыныкы ИДП 3-5% болуп эсептелери жалпы тарабынан таанылган факт. Анткен менен көптөгөн мамлекеттик жана интеграциялык бирикмелер иш жүзүндө мындан да катаал нормаларды колдонору маалым. Айталы, Кыргызстан иш жүзүндө кошулуп калган Евразия экономикалык биримдигине мүчө өлкөлөрдө Макулдашылган макроэкономикалык саясатты жүргүзүү тууралуу макулдашуунун алкагында, мамлекеттик карыз «ИДП 50%» босогосунан төмөн калууга тийиш, ал эми бюджет таңсыктыгы ИДП 3% ашпаш керек.

**– Кызык, ЕАЭБ өлкөлөрүндө бюджеттин туруктуулугуна байланыштуу кырдаал кандай болду экен?**

– Беларуста кырдаал салыштырмалуу туруктуу: бюджет таңсыктыгы ИДПга карата 2010-жылы ИДП 2,4% түзгөн, 2011-жылы ИДП 0,8% өлчөмүндө профицит байкалган, 2012-жылы – ИДП 0,1% тең дефицит, ал эми 2013-жылы 0,3% өлчөмүндө дефицит, 2014-жылы кайрадан ИДП 0,7% өлчөмүндө профицит болгон. Казакстанда бул көрсөткүч уруксат берилген босогонун чегинде кармалууда: ИДПга карата бюджет дефицити 2010-жылы 2,5%, 2011-жылы 2,1%, 2012-жылы 3%, 2013-жылы 2%, 2014-жылы 2,8% түзгөн. Орусияда бюджет таңсыктыгы 2010-жылы 3,9% түзсө, 2011-жылы 0,8% өлчөмүндө профицит, 2012-жылы ИДП 0,1% тең келген дефицит, ал эми 2013-2014-ж.ж. ИДП 0,5% таңсыктык белгиленген. Арменияда ИДПга карата бюджет таңсыктыгы 2010-жылы ИДП 5%, 2011-жылы 2,8%, 2012-жылы 1,5%, 2013-жылы 1,7%, 2014-жылы 0,7% түзгөн[1]. Өзүңүз көрүп тургандай, Союздун бардык өлкөлөрүндө мамлекеттик бюджеттин дефицити бир топ алгылыктуу деңгээлде кармалып турат. ЕАЭБ алкагында Кыргызстан республикалык бюджеттин киреше жана чыгаша болуктөрүн пландаштырууга мындан да жоопкерчиликтүү мамиле жасаш керек.

**– Буга байланыштуу Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрүнөн башка маанилүү социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүндө айырма барбы деген суроо туулат?**

– 2014-жылдын январь-декабрь айларында Беларуста АКШ долларына которгондо[2] орточо номиналдык эмгек акысы 594 долларды, Казакстанда 672 долларды, Орусияда 859 долларды түзгөн жана 2013-жылдын ушул мезгил аралыгына салыштыра

[1] Маалыматтар Евразия экономикалык комиссиясынын сайтынан алынды.

[2] Көрсөткүч Бажы биримдигине жана ЕЭП мүчө өлкөлөрдүн улуттук (борбордук) банктарынын валюта курсу боюнча тиешелүү мезгил үчүн алынды: Беларус боюнча – беларус рублинин АКШ долларына карата орто салмактуу курсу боюнча, Казакстан жана Орусия боюнча – улуттук валюталардын АКШ долларына карата орто курсу боюнча.

келгенде Беларуста 21 долларга көбөйгөн, Казакстанда 42 долларга, Орусияда 83 долларга азайган.

Кыргызстанда болсо орточо айлык акы 2014-жылдын январь айынан декабрына чейинки мезгил аралыгында 231 АКШ долларын түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу дээрлик өзгөргөн эмес. Бул көрсөткүч Беларустун деңгээлинен 2,2 эсе, Казакстандан 2,5 эсе, Орусиядан 3,2 эсе артта калууда.

Бардык өлкөлөрдө баалар болжол менен бирдей ыргак менен өсүп турган: ЕАЭБ өлкөлөрүндө инфляциянын көрсөткүчү орточо 111%, Кыргызстанда 110% түзгөн. Дагы бир кызыктуу көрсөткүч – бюджеттик ресурстарды борборлоштуруу деңгээли. Федералдык (республикалык) бюджеттин көлөмүнүн консолидацияланган бюджетке карата мамилеси 2014-жылы Орусияда 55%, Казакстанда 46%, Беларуста 59% түзгөн. Кыргызстанда бул көрсөткүч 88% түзөт. Бул болсо биздин өлкөдөгү ресурстардын чоң бөлүгү республикалык бюджетте топтолорунан, ал эми жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнө финансы каражаттарынын олуттуу эмес көлөмү туура келеринен кабар берет.

**– Бул көрсөткүч өлкөнүн бюджеттик системасынын кайсы тенденцияларын ырастап турат?**

– Ал биздин өлкөдөгү ресурстардын чоң бөлүгү республикалык бюджетте топтолорун, ал эми жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнө финансы каражаттарынын олуттуу эмес көлөмү туура келерин көрсөтүп турат. 19 жыл ичинде (1996-2014-ж.ж.) жергиликтүү бюджеттин кирешеси 9,3 эседен ашык көбөйгөн. 1996-жылы өлкөдө бюджеттер аралык мамилелерде реформалар жүрө баштады. Салыштыралы: ошол эле мезгил үчүн республикалык бюджеттин кирешеси 46,7 эсеге өскөн. ИДПга карата жергиликтүү бюджеттин кирешеси 2014-жылы 3,9% деңгээлинде, республикалык бюджеттин кирешеси – ИДП 26% болгон. Эгерде 1996-жылы республикалык бюджет жергиликтүүдөн 1,4 эсе ашып турса, 2014-жылы 6,9 эсе болуп калган.

1996-жылы (Кыргызстанда бюджеттер аралык мамилелерде реформалар жүргүзүлгөнгө чейин) салыктар жергиликтүү бюджеттердин кирешесин 78% камсыздаган. 1997-жылы салыктардын үлүшү жалпы кирешеден 34% чейин азайган, 1998-1999-ж.ж. 41 пайыздан 38% чейин олку-солку болуп турган.

**– Ошондо бир жыл ичинде жергиликтүү бюджеттин кирешесинде салыктардын үлүшү 2 эсе азайган болобу? Демек реформа терс натыйжа бердиби?**

– Ооба. 1997-жылга чейин жергиликтүү бюджеттер үчүн салыктардын дифференциялык ставкалары колдонулуп келген. 1997-жылдан баштап эл аралык эксперттердин сунуштоолору боюнча, өлкөдө салыктардын бирдиктүү ставкалары колдонула баштаган. Салык базасы ар кайсы региондо бир топ айырмалангандыгынан улам бул жергиликтүү бюджеттерге түшкөн салыктардын көлөмүнүн кыскаруусуна да алып келген. Буга жараша дотациялык жергиликтүү бюджеттердин саны да өскөн. Ушул тапта айылдык аймактардын арасында дотацияда тургандардын саны 84% түзөт. Ошол эле маалда учурда «бир салык – бир бюджет» моделин жайылтуу да сунушталып жатат. Бул модель кабыл алынган учурда жергиликтүү бюджеттердин дифференциациясын мындан дагы күчөтөт. Бул бюджеттик чөйрөдө батыштын алдыңкы практикасына таянган реформалар биздин өлкөнүн бюджеттик процессинде сезилерлик оң жыйынтыкка алып келбеген мисалдардын бири. Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгы боюнча, батыш институттары жана моделдери биздин өлкөнүн шарттарында натыйжасыз иштейт деген тыянакка келдик.

**– Дагы кайсы көйгөйлөр тез арада чечилиш керек деп эсептейсиз?**

– Өлкөдөгү институционалдык чөйрө формалдык эмес эрежелердин жана нормалардын басымдуулук кылуусу менен мүнөздөлөт. Ошол эле маалда формалдуулар реалдуу экономикалык, социалдык жана саясий шарттарга туура келбегенине, карамакаршы болгонуна жана кемчиликтерине байланыштуу мамилелерде көп учурда номиналдык ролду ойнойт. Мисалы, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» КР Мыйзамында (15-берене) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык бөлүмчөсү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын, мисалы, мэриянын структуралык бөлүмчөсү болуп эсептелери айтылат. Практикада болсо облустук жана республикалык маанидеги шаарларда финансы-экономикалык бөлүмчөлөр мурдагыдай эле Финансы министрлигинин структуралык бөлүмчөсү бойдон кала берүүдө.

Мындан улам Кыргызстанда институционалдык чөйрөдө сапаттуу өзгөрүүлөр болмоюнча бюджеттик реформанын ийгилигине жетүү да мүмкүн болбойт. Биринчи этабында институционалдык өзгөрүүлөр процесси коомдун институционалдык чөйрөсүн түзгөн формалдуу эрежелердин, нормалардын өзгөрүүсүн талап кылат.

**– Реформанын кайсы жетишкендиктери мындан ары колдоого татыктуу деп ойлойсуз?**

– Бюджеттик процесстин ченемдик-укуктук базасы негизинен түптөлүп калды. Өлкөдө бюджетти түзүү, аткаруу жана көзөмөлдөө эрежелери так формалдаштырылган жана жалпысынан аткарылып келатат. Бюджетти кечиктирип кабыл алуу жана улам өзгөртүп туруу өңдүү эрежелердин бузулушу саясий демилгелер же бюджеттик божомолдун реалдуу эместиги менен шартталган. Жергиликтүү деңгээлде деталдуу формализацияга, биздин баамыбызда, бюджет долбоорун түзүүнүн эрежелери, а.и. болжолдоо муктаж болуп турат. Баалоо жана мониторинг жүргүзүү этаптары жок, ал эми аудит этабы аны өткөрүүнүн сапатын камсыздоого муктаж болуп турат.

**– Кыргызстанда бюджет айкындуулугун камсыздоодо, бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча долбоорлорду жана отчетторду ачыктоодо көйгөйлөр барбы?**

– Туруктуу өнүгүүнүн шарты катары коомчулуктун ишениминин өсүшү бюджетти башкарууда ачык-айкындуулукка жана ачыктыкка көз каранды. Бул маселеде акыркы жылдары Өкмөттүн жана Финансы министрлигинин демилгелеринен улам биз бир топ алдыга жыла алдык. «Ачык бюджет» порталы өлкөдөгү бюджеттин ачыктыгы боюнча эң ийгиликтүү долбоорлордун бири болуп калды!

Кыргызстанда бюджеттик реформалардын процессинде көп нерсе бюджет боюнча маалыматты жарыялоо үчүн гана эмес, ошону менен бирге программалык бюджеттин жана мамлекеттик структуралардын чыгашаларын каржылоодон алардын учурдагы жана кабыл алынган милдеттемелерин да каржылоого өтүүнүн негизинде бюджетти түзүүнүн сапатын өзгөртүү аркылуу бюджет айкындуулугу үчүн шарт түзүү, мамлекеттик агенттиктердин ишинин натыйжалуулугуна жетүү максатында бюджеттин максаттуу аткарылышынын талаптарын трансформациялоо, Эсеп палатасынын ишин жакшыртуу, ички аудит кызматтарын өнүктүрүү жана бюджеттин орто мөөнөттүү прогнозун өркүндөтүү үчүн жасалып жатканын да белгилей кетүү керек.

Бирок бул чөйрөдөгү реалдуу демилгелер, демек алга жылыштар да 2011-жылдан тарта гана көзгө илине баштаганын эсепке алганда, айкындуулук чөйрөсүндө көйгөйлөр бир топ эле кала берүүдө. Мисалы, бул жылы Казыначылык алгачкы жолу жергиликтүү бюджет боюнча отчетту ЖӨБ органдарынын тобу боюнча, айылдык аймактар, райондук маанидеги шаарлар, облустук маанидеги шаарлар ж.б. деп бөлүп жарыялады. Ошондой эле бюджетти түзүү боюнча интеграцияланган маалымат базасын түзүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кошуу менен бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иштер улантылат. Бул болсо жергиликтүү бюджеттердин айкындуулугун бир кыйла арттырмакчы.

Маектешкен **Нүргүл Жаманкулова**,
ӨСИнин коомчулук менен байланыш боюнча адиси

***Өнүктүрүү саясат институту Назира ТЮЛЮНДИЕВАны докторлук даражаны алышы менен куттуктап, чыгармачыл жана илимий дараметин толук ишке ашыруусун, көкүрөктө сакталган долбоорлордун жүзөгө ашуусун, ден соолук жана жашоосунда гармония болушун чын жүрөктөн каалайт! Ошону менен Өнүктүрүү саясат институту өзүнүн жана жалпысынан Кыргызстандын эксперттик дарамети өнүгүп жатканын сыймык менен белгилейт.***

# Жерди ижарага берүүдө сынактык жол-жоболор жергиликтүү бюджеттин кирешесин 10 эсе көбөйтөт

**Мирулан ТОКТОСУНОВ,**
Жалал-Абад облусунун Арал айылдык кеңешинин төрагасы

Акыркы бир нече жыл ичинде Кыргызстан башынан көптү өткөрдү. Бирок бийлик, аны менен кадрлар өзгөргөнүнө карабастан коррупция көйгөйү жана элдин бийликке болгон ишеним[1] деңгээлинин кескин азайышы күндөн күнгө күчөп жатат. Күн санап ички саясатка, райондордогу жергиликтүү аткаминерлердин адилетсиздигине жана өзүмбилемдигине наразы болгон жарандардын саны өсүүдө. Экономиканын начарлашы, мунун натыйжасында эмгекке жарамдуу калктын бөтөн өлкөдө иш издеп жүрүүгө мажбур болушу наразычылыктын кумганын толтуруп жатат. Ата-энеси миңдеген километр узактыкта эмгектенип жаткан жаш муундун арасында кылмыштуулуктун санынын өсүшү; ата-энеси бөтөн баланы карооого убактысы да, күчү да дайыма эле боло бербеген жакын жана алыс туугандарынын кароосуна калтырып кеткен, кароосуз калган балдардын санынын өсүшү мунун кыйыр жыйынтыгы.

Баары чарчады. Туңгуюктан, өкмөттүн кайдыгерлигинен, адилетсиздиктен, жалган патриоттуулуктан чарчады. Ал эми мунун чеги так аныкталган – шайлоо алдындагы өнөктүктөн кызматка отурганга чейин, аткаминердин же депутаттын портфели колуна тийгенге чейин.

Анткен менен көптөгөн кыргызстандыктар жеринде жашоо шартты жакшыртуу үчүн глобалдык аракет жумшоо зарыл эмес деген ишенимде. Болгону өз ишиңди билип, аны жасай алышың керек. Бирдей ой жүгүрткөн адамдардын командасы керек, алардын көз караштары, ойлору жана идеяла-

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин жарандардын бийлик органдарына болгон ишенич индексинде келтирилген маалыматында тескерисинче айтылган. Маалымат сайтта берилген: http://www.stat.kg/ru/indeks-doveriya-naseleniya/ Редакцияны эскертмеси.




руктуулукту күчтөндүрүү, ЖӨБ органдарынын калк алдындагы отчеттуулугун түзүү жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу боюнча иш жүргүзүүдө. Мындан тышкары кеңеш жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууда коомчулуктун пикирин жалпылаштыруу, сунуштарды андан ары изилдеп чыгуу, эгерде алар жүйөлүү болсо, карап чыгуу жана соңку чечимди кабыл алуу процессинде аларды эсепке алуу үчүн болгон аракетин жасап келатат. Ошол эле маалда Арал муниципалитетинин турмушуна тышкы өнөктөштөр да жигердүү катышууда. Айталы, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын дараметин жогорулатууда Ханс Зайделдин фонду, Өнүктүрүү саясат институтунун жана «Абад» долбоорлору баа жеткис жардам берүүдө.

ры бир тарапка – өз Мекениңдин өнүгүүсүнө гана багытталууга тийиш. Бул команда башталган реформалар жана кандай гана болбосун анын кесепеттери үчүн да өзүнө жоопкерчилик алууга даяр болуш керек. Көп учурда мындай команда айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен жана жергиликтүү кеңештен түзүлөт. Бул эки орган бир бүтүн болуп иштеген учурда гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаңы системасын түзүүдө, же эскисин жөнгө салууда ийгилик болот. Жалпы эл кабыл алган Кыргыз Республикасынын Конституциясында да жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги алдында чечүүдө кепилденген укук жана реалдуу мүмкүнчүлүк деп жөн жеринен аныкталбаса керек.

Конституциянын бул беренесин негизге алуу менен, айылдык аймактардын жергиликтүү кеңештери өзүн өзү камсыздоого, өзүн өзү жөнгө салууга жана өзүн өзү каржылоого жетүү үчүн болгон аракетин жумшоодо. Арал айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин аппараты да жергиликтүү бюджетти бекемдөө, мыйзамдуулукту жана финансылык ту-

Айылдык аймакты дотациялык камсыздоодон чыгаруу максатында жергиликтүү кеңештин аппараты ички финансылык ресурстарды изилдеп чыкты. Мындай учурда жерлерди туура башкаруу жана аларды натыйжалуу колдонуу жолу менен жергиликтүү бюджетке түшкөн финансы каражаттарынын көлөмүн көбөйтүү алгачкы жана эң негизги тапшырма болуп калды. Бул максатта биз муниципалдык объекттерди башкарууга, аларды ижарага берүүгө же сатууга байланышкан маселелерди туура чечүүгө багытталган көптөгөн ченемдик-укуктук актыларды карап чыктык жана кабыл алдык.

Арал кеңешинин артыкчылыктуу милдеттеринин бири – бул ар кандай шектенүүлөрдөн оолак болуу максатында калкка бюджеттик маалыматты ачыктоо жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин күчтөндүрүү. Ушул максатта депутаттар жерди башкаруудан жергиликтүү бюджетке түшкөн акча каражаттарын көзөмөлдөөнү күчөтүшкөн. Мисал катары Арал муниципалитетинин өзүнө 103 гектар айыл чарба жерлерин камтыган Кен-Сай участогун алса

***1-таблица. Жердин ижара баалары – тендер өткөрбөстөн жана тендердин жыйынтыгы боюнча***

| № | Тендер өткөргөнгө чейин | | Тендер өткөргөндөн кийин | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 103 гектар | 185 000 сом | 59 гектар | 1 042 500 сом |
| | | | 44 гектар | 167 100 сом |
| 2 | Жердин 1 гектары | 1 796 сом | Жердин 1 гектары | 11 744 сом |

***2-таблица. Жер участокторун мыйзамдарга ылайык башкаруунун финансылык жыйынтыктары***

| Өткөрүп берүүнүн түрү | Жердин аянты | Тендер өткөргөндөн кийин ижаранын баасы |
|---|---|---|
| Аукцион | 59 га | 1 042 500 сом |
| Конкурс | 40 га | 159 100 сом |
| Түз берүү | 4 га | 8 000 сом |
| Баары: | 103 га | 1 209 600 сом |

болот. Бул 103 гектарды бөлүштүрүүдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө Типтүү жобонун талаптары бузулган. Башкача айтканда, жерлер түз эле, жер мыйзамдарын бузуу менен берилген. Анткени аталган жобого ылайык, жерлер тендердин негизинде берилиш керек болчу. Арал айылдык кеңеши прокуратура органдарына кайрылгандан кийин мыйзамдардагы бузуулар аныкталып, иш сотко өткөрүлгөн. Райондук жана облустук соттордо иш каралып, бардык чоо-жайы аныкталгандан кийин ижарага алгандар менен келишимдер жокко чыгарылган. Албетте мунун баары оңой болгон жок. Анткени 103 гектар жерди тендер өткөрбөстөн күлкү келтирерлик баага – 185 миң сомго ижарага берүү менен кимдир бирөө акчага жакшы эле туйтунган. Салыштыруу үчүн 1-таблицаны карап көрөлү. Анда жерди тендерсиз жана тендердин негизинде саткан үчүн баалар келтирилген. Айырма аттын кашкасындай көрүнүп турат – тендерден кийин жердин бир гектары дээрлик 10 эсе кымбат болгон (1-таблицаны караңыз)!

Ошондой эле Арал айылдык аймагынын жергиликтүү кеңеши эки негизги багыттан турган бюджеттик саясаттын жаңы моделин жигердүү жайылтууга киришти:

- айкындуулук жана ЖӨБ органдарынын калк алдындагы отчеттуулук принциптерин сактоо менен, жергиликтүү жамааттын милдеттүү катышуусу менен жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу процесси мүмкүн болушунча ачык жана айкын болуш керек;
- ичип-жатар саясаттын жана өкмөттөн же донорлордон финансылык инвестицияларды күтүп отуруунун ордуна өз ресурстардын эсебинен жергиликтүү бюджетти күчтөндүрүүгө багытталган жигердүү позиция.

Айкындуулукту камсыздоо боюнча жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында биз көп нерсеге жетише алдык: коомдук угууларды өткөрүү маалында жергиликтүү калк жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын булагы жана аларды бөлүштүрүү тууралуу сапаттуу жана толук маалымат алууда, анын негизинде жергиликтүү маанидеги маселелерди жүйөлүү жана адилет карап чыгып, кабыл алууда ЖӨБ органдарына болгон ишенимдин деңгээли жакшырып, күндөн күнгө өсүп жатат. Мындан тышкары калктын турмуш шартын жакшыртууга багытталган демилгелерди ишке ашырууда айыл өкмөтүнө көмөктөшкөн, аймактын социалдык турмушуна катышуу демилгеси менен чыккан активисттердин саны да өсүүдө. Активисттер өз демилгеси менен эмгек салымы түрүндө катышууну сунушташууда, же жетишпей жаткан каражатты чогултууну уюштуруп келишет.

Өнөктөш негизде жергиликтүү жамааттын



өкүлдөрү менен биргелешкен иш Арал айылдык аймагынын ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджетти аткаруу процессинде сапатты жана айкындуулукту камсыздоого жардам берип жатат. Ал эми жалпы талкуу жана биргелешкен чечимдерди кабыл алуу айрым учурларда бюджеттик каражатты үнөмдөп калууга да жардам берүүдө.

Шартка жараша көптөгөн айылдык аймактар учурда дотацияда турат. Дал ушул учурда жергиликтүү ресурстарды мобилдештирүүнүн жана бардык жашоочулардын жигердүү катышуусунун жыйынтыгында гана адамдардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө болору тууралуу калк ичинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарылчылыгы пайда болуп, мунун актуалдуулугу да өсүп жатат. Албетте мунун баары убакытты, сабырдуулукту жана билимди талап кылат. Бирок объективдүү кыйынчылыктарга карабастан Арал айылдык кеңеши жергиликтүү маанидеги бардык маселелерди чечүүдө мындан ары да өз аракеттерин жасоого даяр.

Биздин турмуш талап кылган чыгашалар мурда эле биздин ички мүмкүнчүлүктөрүбүздү артта калтырып койгон. Бирок мындай мезгилде да биз өз жарандарыбызды алакан жайып, сырттан жардам күтүп отура бербестен, өз жашообузду жакшыртуу үчүн биргелешкен аракеттерди чогуу көрүүгө чакыргыбыз келет. Жалпы максатка жетүү үчүн баарыбыз бир багытта иш жүргүзүшүбүз керек. Элет жергесиндеги көйгөйлөрдөн шаарга көчүп кетүү менен качып кутулууга болбойт. Жок. Өзүңдөн качып кутула албайсың да. Ар бирибиз терең ойлонуп көрүп, жакырчылыктын же жалкоолуктун себептерин таап чыгып, өзүбүз үчүн артыкчылыктарды аныктап, ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү таап, андан кийин чогулуп, мүмкүн болгон кесепеттерди эсепке алуу менен булардын үстүнөн иштешибиз керек. Айылда да шаардагыдай, атүгүл андан да ыңгайлуу шарттарда жашаса болот.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

**Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Арал айылдык аймагынын территориясында 5 айыл жайгашкан. Ал жакта кыргыздар, өзбектер, орустар, татарлар, уйгурлар, казактар, тажиктер ж.б. болуп 6 131 киши жашайт.**

# «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» жаңы Мыйзам: ЖӨБ органдарын эмне күтүүдө?

**Нурдин КҮМҮШБЕКОВ,**
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

**Мыйзамдык база чыныгы турмушту чагылдырыш керек. Бүгүнкү күндө Кыргызстан «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзам иштей баштаган 2004-жылдагыдай өлкө болбогонун эске алуу менен, сатып алуулар жөнүндө мыйзамдын жаңы редакциясы көпкө күтүлгөн жана өтө актуалдуу документ катары кабыл алынды. Он жылдан ашуун сатып алуучу уюмдар жана бизнес эски мыйзамдарда жазылган талаптарды колдонмого алып келишкен. Анткен менен ченемдик-укуктук актыдагы «кууш жерлер» өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү талап кылган. Мына эми он жылдан кийин, 2015-жылдын май айында ушундай эле аталыштагы «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» жаңыртылган Мыйзам күчүнө кирди. Бул макалада биз «Муниципалитет» журналынын окурмандарына ченемдик-укуктук актыны жаңыртуу зарылчылыгы эмнеден улам чыкканын айтып берип, аталган Мыйзамдын максаттарын жана принциптерин түшүндүрүп, документте маанилүү орунду ээлеген ачыктык жана айкындуулук маселелерине көңүл буруп, ошондой эле мамсатып алуулар системасындагы коррупцияны азайтууда алардын ролун белгилегибиз келип турат. Макаланын автору эски Мыйзамда болбогон, бирок жаңы ЧУАда жазылган башка маанилүү учурларга да кеңири токтолмокчу.**

## Мыйзамдан кабарсыз болуу татаалдыктарды жана тобокелчиликтерди жаратат

Биздин коомдо мамсатып алуулар системасы эң эле коррупцияланган системалардын бири деген туруктуу пикир калыптанып калган. Чуулгандуу окуялар, кылмышты ашкерелөө, компетенттүү органдардын иликтөөлөрү, андан кийин аныкталган укук бузуулардын жыйынтыктарын, же тендерде жеңүү үчүн уюшкан шылуунчулук схемаларды ММК аркылуу жарыялоо – түтүн болбосо өрт чыкпай турганынын дагы бир далили. Болгондо да көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, коррупциялык схемалар бардык мамструктураларда, анын ичинде айыл өкмөтүндө да дал ушул товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча тоорук өткөрүүдө аныкталган. КР Эсеп палатасынын 2013-жыл үчүн отчетуна ылайык, мындай операцияларды жүзөгө ашырууда максатка ылайык эмес колдонулган каражаттардын суммасы 341,2 млн. сомду түзгөн. Ошондуктан мамлекеттик каражатты натыйжалуу чыгымдоо маселеси – Кыргыз Республикасы үчүн маанилүүлөрдүн бири болгону түшүнүктүү. Негизи эле бул проблема дүйнөдөгү бардык мамлекеттер үчүн актуалдуу бойдон кала берүүдө.

Биздин өлкөдө жыл сайын 20 млрд. сомдон ашык суммага миңдеген тендерлер өткөрүлүп келет. Ошону менен бирге кайсы бир социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, паранын орточо көлөмү келишимдин баасынын 10 пайызга жакынын түзөт экен. Бул болсо тогуз нөлү бар сан дегенди билдирет!

Анткен менен мыйзам бузуулар көп учурда кара ниетте эмес, билбегендиктен улам орун алат. Өзгөчө мындайга сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарды көп жакшы түшүнө албаган, же эрежелерди сактоого убактысы тар муниципалдык кызматчылар жол берет. Албетте мамлекет сатып алуучу уюмдун кызматкерлеринин, анын ичинде муниципалдык кызматчылардын дараметин жогорулатуу боюнча белгилүү бир чараларды көрүп келет. Айталы, Финансы министрлигинин Окуу борборунда Мамлекеттик кадр кызматы, эл аралык жана коммерциялык уюмдар, анын ичинде Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган мамтапшырыктын алкагында семинарлар жана тренингдер өткөрүлүп турат. Бирок республикада дээрлик 500 айыл өкмөтү болгонун, ошондой эле окутуунун өтө узакка созулбаганын (8 сааттан 40 саатка чейин) жана мыйзамдардын татаал жазылганын эсепке алуу менен, мындай аракеттер жетишсиз деп айтса болот.

## Негизги учурлар: максаттар, принциптер жана жөнгө салуунун предмети

Мыйзам 6 глава жана 56 беренеден турат. Анын иштеп чыгуучулары сатып алууларды жүзөгө ашырууда мамлекеттик каражатты үнөмдүү жана натыйжалуу колдонууну камсыздоо максатын көздөгөн. Сатып алууларды жүзөгө ашырууда берүүчүлөргө (подрядчыларга) карата айкындык, ачыктык, мыйзамдуулук жана калыстык; сатып алууларды ишке ашыруу процессинде берүүчүлөрдүн ортосунда катышууну кеңейтүү жана атаандаштыкты өнүктүрүү; бардык өзөктүк оюнчулар үчүн тең жана адилет шарттарды түзүү өңдүү принциптерге негизделиш керек.

Жаңы Мыйзам сатып алуулардын жалпы укуктук жана экономикалык принциптерин белгилеп, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибин жөнгө

салары маанилүү. Ошону менен бирге ЧУА улуттук коопсуздук, коргонуу, мамлекеттик жашыруун сырларды коргоо, табигый кырсыктар менен тикелей байланышкан сатып алууларды жөнгө салбайт. Мыйзам майыптар коомдорунан товарларды, дене-бой жагынан чектелген жеке ишкерлерден жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларга карата жайылтылбайт (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча).

## Билиш керек болгон түшүнүктөр

Мыйзамга «аффилирленген жак», «конкурстук табыштаманы кепилдөөчү декларация», «мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы», «алкактык макулдашуу», «стандарттык конкурстук документация», «сатып алуулардын электрондук форматы» жана башка жаңы түшүнүктөр киргизилген.

Мамлекеттик сатып алуулар – бул сатып алуучу уюмдун ушул Мыйзамда белгиленген усулдар аркылуу товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же жарым-жартылай каржылоо менен сатып алуусу. (Бул аныктама эски Мыйзамдан келген).

Аффилирленген жак – бул төмөндө саналган бир же бир нече белгилерге ылайык келген жак: мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору боюнча чечим кабыл алууга таасир көрсөтүүчү жак; сатып алуучу уюмдардын жетекчилери жана кызматкерлери, ошондой эле алардын жакын туугандары; саясый мамлекеттик кызмат орундарын, саясый муниципалдык кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган адамдар, алардын жакын туугандары түзүүчүлөрү жана (же) катышуучулары болгон берүүчүлөр (подрядчылар). Ошону менен бирге бул белгиге акционердик коомдун акцияларынын 20 пайыздан азына ээ болгон акционери (акционерлери) кирбейт.

Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү декларация – берүүчү (подрядчы) кол койгон, конкурстук табыштамада көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткарууну камсыздоонун кепили катары берүүчү сатып алуучу уюмга бере турган документ;

## Өзөктүк оюнчу – ЫМУ тууралуу бир нече сөз

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – Өкмөт ыйгарым укук берген, аткаруу бийлигинин тутумунда турган, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жагында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү мамлекеттик орган (мындан ары – ЫМУ). Ушул тапта ЫМУ – КР Финансы министрлиги эсептелет.

Эгерде эски Мыйзамда ыйгарым укуктуу маморган мамлекеттик органдардын гана сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча ишин координациялап, жөнгө салып келсе, жаңы Мыйзамда бардык сатып алуучу уюмдарды көзөмөлдөйт. Эгерде мурда ал мамлекеттик органдар гана сатып алууну жүзөгө ашырууда, окутууда жана консультативдик жардам көрсөтүүгө көмөктөшүп келсе, мындан ары ЫМУ муну бардык сатып алуучулар үчүн жасамай болду. Мыйзамда сатып алуучу уюмга (сатып алуучуга) аныктама берилген. Бул юридикалык жактын статусуна ээ болгон мамлекеттик же муниципалдык уюмдар, мамлекет жана (же) жергиликтүү өз алдыча башкаруу органдары акциялардын биргелешип же өз-өзүнчө 50 жана андан көп пайызына ээлик кылган акционердик коомдор жана мамлекеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн башка чарбакер субъекттер. Анын негизги функцияларына жаңы, эски Мыйзамда болбогондор да кошулганын белгилей кетүү зарыл. Алар:

1) ЫМУ, аудиторлор жана башка органдар бузууларды аныктап чыккан учурда, ошондой эле ИБДБ даттанууларды карап чыккандан кийин айып санкцияларын колдонуу (мындай санкцияларды колдонуу тартиби жана айыптардын өлчөмү кандай болору Мыйзамда көрсөтүлгөн эмес, балким бул кийинчирээк аныкталат);

2) өткөрүлгөн сатып алуулар тууралуу статистикалык жана аналитикалык маалыматтарды түзүү;

3) сатып алуулар системасына мыкты практиканы жана инновациялык технологияларды киргизүү.

Бирок жаңы документке мурдагы Мыйзамдан сатып алуучу уюмдун мыйзамсыз аракеттерди жасоосуна же мыйзамсыз чечим кабыл алуусуна, же болбосо мыйзамсыз жол-жоболорду ишке ашыруусун тыюу салуу; сатып алуулар жол-жобосун жүзөгө ашырууга байланышкан жана сатып алуучу уюмдун мыйзамсыз аракеттеринин же чечиминин натыйжасында, ал мыйзамсыз жол-жоболорду колдонгон учурда берүүчү чыгымга учураганда даттанган чакта алынбай калган кирешени (колдон чыгарылган пайда) кошпогондо анын чыгымдарынын ордун толуктап берүүнү сатып алуучу уюмдан талап кылуу өңдүү чаралар кирбей калган. Эгерде эски Мыйзамда ЫМУ сатып алуучу уюмдун мыйзамсыз чечимин жокко чыгара алса, азыр болсо сатып алуучу уюмду өзүнүн мыйзамсыз чечимин кайра карап чыгууга же конкурсту жокко чыгарууга гана милдеттендире алат.

ЫМУ сатып алуу жаатында КР мыйзамдары бузулганын аныктаган учурда төмөнкүдөй чараларды колдонууга милдеттүү: сатып алуучу уюмду ушул Мыйзамга ылайык чечим кабыл алууга милдеттендирүү; сатып алуулар процессин токтото туруу; эгерде конкурстук документтер кулактандыруу менен бирдикте жайгаштырылбаса, конкурсту жокко чыгаруу; сатып алуулардын жол-жоболорун токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу.

Финансы министрлигинин кызматкерлери конкурстук комиссиянын курамына кирүүгө укуксуз. Эми бул ведомство даттанууларды жана нааразылыктарды карабайт, алар боюнча өз тыянактарын чыгарбайт. Мыйзам даттануунун башка жол-жоболорун киргизген, алар тууралуу төмөн жактан окуй аласыз.

## Мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы ачык китеп сыяктуу

Сатып алуулардын жаңы системасын заманбап технологиялар да кыйгап өткөн жок. Ачык, жеткиликтүү жана отчет берген процессти камсыздоо үчүн Финансы министрлиги мамлекеттик маалымат системасын – сатып алуулардын веб-порталын (мындан ары – веб-портал) ишке берди. Ал жерде бардык кызыкдар жактарга маалымат ачык, алар болгондо да бекер. Мыйзам веб-порталга сатып алуулар жөнүндө

маалыматты жайгаштыруу боюнча милдеттүү талаптарды белгилеген. Тагыраак айтканда: жылдык план, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор, алдын ала квалификациялык тандоону өткөрүү тууралуу кулактандыруу жана анын документациясы, конверттерди ачуунун протоколдору, сатып алуулар жол-жоболорунун протоколу, конкурстук документация жана ага киргизилген өзгөртүүлөр. Мындан тышкары конкурс тууралуу кулактандыруу, конкурстук документациянын түшүндүрмөсү, ошондой эле конкурсту жокко чыгаруу же аны өтпөй калды деп табуу, берүүчүнү тандап алуу тууралуу, келишимди тикелей түзүү усулу менен өткөрүлгөн сатып алуу, түзүлгөн келишим тууралуу, даттануу боюнча чечимдер жайгаштырылат.

Пландаштырылган сатып алуулар тууралуу ыктымал берүүчүлөрдү маалымдоонун жакшыртылган системасы аларга сатып алуулар тууралуу бардык жаңылыктардан кабардар болуп, конкурска катышууга жол берет. Порталдын жардамы менен процесстин бардык катышуучулары үчүн башында эле тең шарттар түзүлгөн, бул болсо атаандаштыкты күчөтүп, коррупциянын деңгээлин азайтат. Акыр аягында сатып алуулардын баасын да азайтып, мындан улам мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын да үнөмдөйт.

## Сатып алууларда коррупцияга орун жок

Көшөгө артында макулдашып алуулар, көмүскө оюндар – мамлекеттик сатып алуулар боюнча тендерлерди өткөрүүдө мына ушундай кылмыштар орун алып келген. Муну Өкмөт да, контролдук-текшерүүчү органдар да, тартип коргоо түзүмдөрү да мойнуна алууга мажбур болду. Бюджеттин эсебинен акчага туйтунуп калуу каалоосу ушунчалык күчтүү болгондуктан, кармалып калып, түрмөдө отуруу тобокелчилиги да токтоткон жок.

Мыйзамдын авторлору кара ниет оюнду эстебей тургандай сатып алуулардын төгөрөгү төп келишкен системаны канчалык кыйын болгонун түшүнүп турат. Ага карабастан мамсатып алуулар системасында коррупцияны азайтуу боюнча чараларды көрүү зарыл. Антпесе товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда укук бузуулар үчүн бардык мамлекеттик түзүмдөр бюджеттик каражаттардын жоготуусуна дуушар болушту.

Жаңы мыйзамда бул балакет менен күрөш боюнча чаралар каралган. Мисалы, 27-беренеге ылайык, сатып алуучу уюм берүүчүлөрдүн квалификациялык дайындарына карата мыйзамда каралгандан тышкары эч кандай башка критерийлерди, талаптарды же жол-жоболорду белгилебейт. Ошондой эле эски документтеги минималдык босоголук суммасынан аз суммага сатып алууда ушул беренеде белгиленген талаптар колдонулбайт деген уруксат алып салынды.

Конкурсту өткөрүүдө электрондук ыкма да коррупцияны азайтат, мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу чыгымдоону камсыздайт, сатып алуучу уюмдун берүүчүлөргө карата таасир этүү мүмкүнчүлүгүн жок кылат, атаандаштыктын өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

Айрым бир учурларда коррупциялык максаттарда маневрду азайтуу үчүн сатып алуучу уюмдун иш-аракеттерин тандоо жокко чыгарылат. Мисалы, мыйзамдын 27-беренесинде берүүчүлөр ушул берененин 1-бөлүгүндө баяндалган критерийлерге ылайык квалификациялык дайындарын күбөлөндүргөн документтик далилдерди же бөлөк маалыматты берүүгө тийиш. Эски мыйзам боюнча сатып алуучу уюм мындай далилдерди сурай алмак, муну жасабай деле коё алмак.

Дагы бир маанилүү учур: эгерде эски мыйзам боюнча план Сатып алуулар бюллетенинде (порталда) жайгаштыруу үчүн ЫМУга өткөрүлүп берилсе, азыр болсо сатып алуучу уюм веб-порталда планды өзү жайгаштырат.

## Сатып алуулар бөлүмү жана конкурстук комиссия тууралуу

Эми сатып алуучу уюмдун сатып алуу бөлүмүнүн бардык адистеринин ырастоочу сертификаты болушу керек. Сатып алуу бөлүмүнүн конкурстук комиссияга кирбеген адистери конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоодо чечим кабыл ала албайт. Бөлүмдүн сандык курамы боюнча талап жоголду.

Комиссия конкурс өткөрүү жөнүндө кулактандырууну жарыялоо алдында буйрук менен түзүлөт. Анын курамына кеминде үч адам кирүүгө тийиш. Ырастоочу сертификаты бар, сатып алуулар боюнча адис конкурстук комиссияга бир жолудан ашык кириши мүмкүн, бирок бир эле убакта бир нече конкурстук комиссиянын мүчөсү боло албайт. Сатып алуучу уюмдун жетекчиси комиссиянын курамына кире алат (эски мыйзамда кире алчу эмес). Эски мыйзамдын бөлүмдүн жана комиссия мүчөлөрүнүн саны жуп болбош керек деген талабы алып салынды.

Мындан ары сатып алуулардын жол-жоболор протоколун мурдагыдай комиссия эмес, бөлүм түзөт. Анын үстүнө эски мыйзам боюнча, тендердик (конкурстук) документацияны бөлүм иштеп чыгат жана мындан ары бул анын функциясына кирет. Бирок ал бардык даярдалган кагаздарды комиссияга бекитүүгө жиберүүгө милдеттүү.

Комиссия электрондук ыкма аркылуу сатып алууларды жүргүзүүнү кошпогондо, конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачуунун протоколун түзөт, ага колтамга коет жана веб-порталга жайгаштыруу үчүн сатып алуу бөлүмүнө берет. Эски мыйзамда комиссия протоколду ЫМУга өзү жиберчү.

Бөлүмдүн жана комиссиянын (конкурстук документацияны пландаштыруу, иштеп чыгуу жана бекитүү, жеңүүчүнү тандап алуу боюнча ж.б.) функцияларын бөлүштүрүү да коррупциянын азайышына таасирин тийгизерин кошумчалай кетели.

Аудит тууралуу айта турган болсок, мыйзам бир гана өзгөртүү киргизди – конкурстун жеңүүчүсү менен келишим түзүүнүн алдында аудит жүргүзүү зарыл. Ал эми эски мыйзамда – тендердин жеңүүчүсүн тандап алуунун алдында аудит жүргүзүлчү.

## Конкурстук документация

Мыйзамдын 14-беренесинде конкурстук документация милдеттүү түрдө камтышы керек болгон маалыматтар көрсөтүлгөн. Сатып алуучу уюм жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда конкурстук документтерди иштеп чыкканга чейин колунда сатып алуунун зарыл болгонунун техникалык-кономикалык жүйөсү, долбоорлук-сметалык документтер, же сатып алуулардын предметинин кеңири сыпаттамасы бар

документация болууга тийиш. Сатып алуучу уюм документтердин бардык пакетин иштеп чыккандан кийин гана конкурсту жарыялайт.

Стандарттык конкурстук документация деген эмне? Мыйзамда бул – алдын ала квалификациялык тандоону жана конкурсту өткөрүүдө пайдаланылуучу документтердин пакети болгону айтылат.

Эски мыйзамды ишке ашыруу үчүн Өкмөт ушундай эле стандарттык документацияны бекиткенин эстейличи. Мисалы, чек койбогон, чектелбеген жана кош этаптуу тоорук усулу менен товарларды сатып алууга, котировкалардын суроо-талабы усулу менен товарларды сатып алууга стандарттык документация. Белгиленген эрежелер сатып алуучу уюмдарга жана берүүчүлөргө сатып алууларды өткөрүүгө жана өзгөчө документацияны даярдоо жана тариздөө бөлүгүндө аларга катышууга жардам берген.

Жаңы мыйзам боюнча, бул тартип сакталып калды. Бирок эми алар мыйзамдын өзүндө так бекитилген. Сатып алууларды өткөрүүдө сатып алуучу уюмдар Өкмөт бекиткен стандарттык конкурстук документтерди колдонуу менен ар бир өткөрүлгөн конкурска документацияны, алдын ала квалификациялык документтерди өзүнчө даярдайт.

Өкмөт төм. боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдап койду: 1) бир этаптуу, эки этаптуу, жөнөкөйлөтүлгөн усулдар жана бааны төмөндөтүү усулу менен а) товарларды; б) кызмат көрсөтүүлөрдү; в) жумуштарды сатып алууга стандарттык конкурстук документтер, ошондой эле сатып алууларды жүзөгө ашыруунун бардык процессин регламенттештирген башка ЧУА: 2) «Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн жүрүшүндө сатып алуучу уюмдардын аракетине даттанууларды кароо жана ишенимсиз жабдуучу-берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) маалымат базасына киргизүү боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиянын ишинин тартиби жөнүндө» жобо; 3) «Алкактык макулдашууну түзүү жөнүндө» жобо; ички берүүчүлөргө (подрядчыларга) жеңилдиктерди колдонууга усулдук нускама; 4) мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү боюнча нускама. Бардык аталган документтер коомчулуктун талкуусуна коюлган.

## Берүүчүлөр үчүн сатып алууларды жана жеңилдиктерди пландаштыруу тууралуу

Сатып алуучу уюм республикалык бюджет бекитилгенден кийин бир айлык мөөнөттө, бюджеттин же чыгымдар сметасынын негизинде кеминде бир жылдык мезгилге сатып алуулардын планын өз алдынча иштеп чыгат жана аны веб-порталга жайгаштырат. Эски мыйзамда буга болгону 10 күн берилген. Андан кийин документ Финансы министрлигине жиберилет. Мыйзам план кандай маалыматтарды камтыш керектигин аныктады: сатып алуулардын предмети, саны жана болжолдонгон баасы, сатып алууларды өткөрүүнүн мөөнөтү тууралуу маалыматтар камтылыш керек.

Сатып алуучу уюм планга өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүүгө укуктуу, алар веб-порталда милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш. Планда каралбаган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт.

Товарлар боюнча жеңилдиктерди берүү тартиби өзгөрбөгөнүн белгилей кетели (ички берүүчүлөр КРда өндүрүлгөн товарларды сатып алганда, сатып алуучу уюм 20 пайызга чейин жеңилдиктерди бере алат). КР ички подрядчылары жана чет өлкөлүк подрядчылар аткаруусу мүмкүн болгон жумуштарды сатып алуунун тартибинде бир аз өзгөрүүлөр болду. Эми жергиликтүү эмгек ресурстарын кеминде 70 пайыз (эски мыйзамда пайыздык катыш болгон эмес) жана жергиликтүү чийки заттарды жана материалдарды кеминде 30 пайыз пайдаланган шартта сатып алуучу уюм ички подрядчыларга 20 пайызга чейинки өлчөмдө жеңилдиктерди бере алат (эски мыйзамда 10 пайызга чейин болчу).

## Жолу буулгандар тууралуу

Мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жаңы шарттары аныкталды. Айталы, Дайындар базасына киргизилген берүүчүлөргө, ошондой эле түзүүчүлөрү, жетекчи курамынын мүчөлөрү сатып алуучу уюмдардын аффилирленген жактары болуп саналган берүүчүлөргө жол берилбейт.

Ишенимсиз (ак ниет эмес) берүүчүлөрдүн дайындар базасы – бул айырмалуу реестр, буга келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же сатып алуулардын жол-жоболоруна катышуунун эрежелерин бузган уюмдар киргизилет. Мыйзамда Дайындар базасына киргизилген берүүчүлөр сатып алууларга катышууга киргизилбейт деген талап бар. Мындай талап эски мыйзамда эмес, Өкмөт бекиткен Жободо бар болчу.

Мыйзамда сатып алуучу уюм Дайындар базасына киргизүүнү демилгелеген учурлар көрсөтүлгөн. Эгерде: 1) келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбаган берүүчүнүн күнөөсүнөн улам келишимди бузуу демилгеленсе; 2) берүүчү өзүнүн конкурстук табыштамасына карата жалган маалыматтарды берсе; 3) берүүчү компаниянын жетекчиси же түзүүчүсү алдамчылык, коррупция же убадалашып алгандык үчүн сот тарабынан жоопкерчиликке тартылса; 4) конкурстук табыштаманы кепилдөөчү декларациянын шарттары берүүчү тарабынан бузулса. Дайындар базасына киргизүүнүн тартибин жана мөөнөтүн Өкмөт аныктайт.

## Квалификациялык маалыматтар жазылды

Мыйзамда төм. так көрсөтүлгөнүн белгилей кетүү зарыл: сатып алуучу уюм берүүчүлөрдүн квалификациялык дайындарына карата мыйзамда каралгандан тышкары эч кандай башка критерийлерди, талаптарды же жол-жоболорду белгилебейт. Бул маанилүү жобо эски мыйзамда жок болчу.

Берүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээлине карата бир катар талаптар такталды: 1) берүүнүн аткарылган көлөмү; 2) чыгаша тартууларынын болбошу, жетишерлик жүгүртүү каражаттарынын болушу; 3) лицензиялардын (эгерде иш-аракет лицензияланса) болушу.

Эми документте минималдык босоголук суммасынан аз суммага сатып алууда көрсөтүлгөн талаптарды колдонбоого уруксат жок. Бул болсо мурдагы ЧУАда бар болчу.

Мыйзамда сатып алуучу уюм алдын ала квалификациялоо жол-жоболорун жүргүзүүгө укуктуу болгон конкреттүү учурлар да көрсөтүлгөн: товарлардын,

жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн татаал, кымбат түрлөрүн же кууш адистешкен түрлөрүн сатып алуу учурларында. Мурда мындай жол-жоболорду жүргүзүүгө уруксат берүү гана талап кылынган.

Жаңы эрежелер боюнча, табыштамаларды берүү мөөнөтү алдын ала квалификациялык тандоону өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып кеминде төрт жума деп аныкталган. Алдын ала квалификациялык документация, анын ичинде критерийлер жана жол-жоболор эски мыйзамдагыдай табыштаманы берүүнүн соңку мөөнөтү башталганга чейин 14 күн мурда эмес, кулактандыруу менен кошо жайгаштырылыш керек.

Мыйзам берүүчүлөргө алдын ала квалификациялык документация боюнча түшүндүрмө берүүнү сурап алуу мүмкүнчүлүгүн берди жана сатып алуучу уюм үч күндүк мөөнөт ичинде түшүндүрмөнү суроо-талаптын булагын жарыялабастан веб-порталга жайгаштырыш керек.

Сатып алуучу уюм конкурс өткөрүүдө бул тууралуу кулактандырууну жана конкурстук документациянын бүткүл пакетин веб-порталга жайгаштырат. Мыйзамдын 15-беренесинде кулактандыруу камтыш керек болгон маалымат көрсөтүлгөн. Бул – конкурс тууралуу кулактандыруу менен бирге конкурстук документтердин пакети. Алдын ала квалификациялык жол-жоболорду жүргүзүүдө конкурстук документация бардык тандалып алынган берүүчүлөргө жиберилет. Эсиңизде болсун, конкурстук документацияны берүү акысыз негизде жүзөгө ашырылыш керек.

Берүүчү табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү бүткөнгө чейин кеминде беш жумуш күн мурда сатып алуучу уюмдан конкурстук документациянын жоболорунун түшүндүрмөсүн сурай алат. Сатып алуучу уюм мындай суроо-талапка үч жумуш күндөн кечиктирбестен жооп берүүгө жана суроо-талаптын булагын жарыялабастан, жоболордун түшүндүрмө маалыматын веб-порталга жайгаштырууга тийиш. Бул айкындуулук маселеси чындап жакшырганын ырастаган факт! Эски мыйзамда мындай мөөнөт так көрсөтүлбөгөнүн белгилей кетели.

Конкурстук документацияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби да такталды: сатып алуулардын предметин өзгөртүүгө болбойт. Өзгөрүүлөрдү табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү бүткөнгө чейин үч жумуш күндөн кечиктирбестен жарыялоо керек. Конкурстук документацияны өзгөртүү тууралуу маалымат, конкурстун бардык катышуучуларына милдеттүү түрдө кабардама берүү менен веб-порталда жарыяланат. Эски мыйзамда катышуучуларга гана кабардама берүү каралган болчу.

## Негизги окуянын алдындагы жол-жоболор

Бардык катышуучулар билүүгө тийиш: конкурс алдындагы кеңешме табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү бүткөнгө чейин беш жумуш күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт. Эски мыйзамда бул мөөнөт көрсөтүлгөн эмес. Протокол веб-порталда токтоосуз жайгаштырылат (алдын ала квалификациялоо жол-жоболору жүргүзүлгөндө протокол конкурстук документацияны алган бардык берүүчүлөргө токтоосуз берилет). Эски мыйзамда протокол тендердик документацияны алган бардык берүүчүлөргө токтоосуз берилген.

Мыйзамда табыштамаларды берүү үчүн акыркы мөөнөт белгиленген: бир этаптуу жана эки этаптуу үчүн - боло турган конкурс жөнүндө кулактандыруу жарыялангандан кийин кеминде 3 жума, ал эми жөнөкөйлөтүлгөн усул жана бааны төмөндөтүү усулу үчүн – кеминде 1 жума.

Кепилдик камсыз кылуу 3 жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө кайтарылат. Жаңы мыйзам боюнча, конкурстук табыштамалардын кепилдик камсыз кылуунун – КТКК колдонуу мөөнөтү табыштаманын колдонуу мөөнөтүнө дал келиш керек. Эски мыйзамда буга көбүрөөк убакыт берилген – табыштаманын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин 2 жумадан аз эмес. КТККнын вексель өңдүү формасы алып салынган.

Мыйзамга КТКК кармалып кала турган учурлар киргизилген – конкурстук табыштама бар конверттер ачылгандан кийин шарттар өзгөртүлгөндө. Бул эски мыйзамда жок болчу. Бирок мурдагы мыйзамда болгон калган үч учур сакталып калды: 1) жеңүүчү өз конкурстук табыштамасында каралган шарттарда келишимге кол коюудан баш тартканда; 2) келишимди аткарууну кепилдик камсыз кылууну берүүдөн баш тартканда; 3) конкурстук табыштаманы ачкандан кийин жана анын колдонулуу мөөнөтү бүткөнгө чейин ал кайра артка алынганда.

Мыйзамдагы жаңы нерсе - сатып алуучу уюмга КТКК жөнүндө талаптын ордуна берүүчүлөрдөн табыштамада көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткаруусун кепилдеп кол койгон декларацияны суратып алуу укугу берилген. Аны бузган учурда сатып алуучу уюм аларды ишенимсиз берүүчүлөрдүн дайындар базасына киргизүү жөнүндөгү сунушту демилгелейт.

Мыйзамда максималдык босоголук суммадан төмөн сатып алуу жүргүзүүдө КТКК киргизүү жолжобосун колдонбоо укугу алып салынган. Бул эски мыйзамда бар болчу.

## Табыштама бар конверттерди ачуунун ийне-жиби

Бул конкурстун кульминациясы. Веб-порталда автоматтык түрдө жүргүзүлгөн сатып алуулардын электрондук формасын кошпогондо, сатып алуучу уюм кызыкдар тараптардын катышуусунда конкурстук табыштамаларды ачат. Конверттерди ачуунун жолжобосун жүргүзүүдө жеңүүчүнү баалоо жана аныктоо өткөрүлбөйт. Ошону менен бирге ошол маалда залда катышып отургандарга комиссиянын ишине аралашууга, табыштамалардын жоболорун түшүндүрүп берүүсү үчүн берүүчүлөргө кайрылууга, ошондой эле катышуучулардын берилген табыштамаларга карата суроолоруна жооп берүүгө тыюу салынат. Мыйзам комиссияга конверттерди ачуу жол жобосун жүргүзүүдө ачылбаган жана угуза окулбаган табыштамаларды жана аларга карата өзгөртүүлөрдү кабыл алууга жана андан ары баалоого тыюу салат.

Мыйзамга жаңы маалымат кошулган, ал конверттерди ачуунун жол-жобосун жүргүзүүдө угуза окулат жана/же тастыкталат: табыштаманын валютасы, сунуш кылынган арзандатуу жөнүндө маалымат, эгерде сатып алуунун предмети лотторго бөлүнсө - ар бир лоттун баасы; сунуштардын колдонулуу мөөнөтү; салыктар жана камсыздандыруу салымдары боюнча карыздары тууралуу маалымкатты бер-

ген уюмдун аталышы, маалымкаттын номери; эски мыйзамда болбогон бардык талап кылынган документтердин болуусу.

Конверттерди ачуунун протоколуна бардык берүүчүлөр жана конкурстук комиссия кол коет жана конверттерди ачкандан кийин бир күндүн ичинде веб-порталга жайгаштырылат. Электрондук ыкма менен сатып алууда табыштамаларды ачуунун протоколун тутум автоматтык түрдө түзөт жана веб-порталга жайгаштырат.

## Жеңүүчү кантип аныкталат?

Сатып алуучу уюм берүүчүнүн квалификациялык дайындарын конкурстук документацияда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык баалайт. Мыйзам табыштаманын маңызын өзгөртүү максатында суроо-талаптарга, сунуштарга, сүйлөшүүлөргө же уруксат берүүлөргө; табыштаманы конкурстук документациянын талаптарына жооп бергендей жасоого багытталган өзгөртүүлөргө; жетишпей жаткан документтерди катышуучудан суроого тыюу салат. Ошол эле маалда сатып алуучуларга табыштамадагы арифметикалык каталарды берүүчүнүн макулдугу менен оңдоо укугу берилген.

Табыштамаларды талаптарга жооп берген катары карай алуу үчүн критерийлер белгиленген (эгерде конкурстук документацияда баяндалган мүнөздөмөлөрдө, шарттарда жана башка талаптарда аларды олуттуу өзгөртпөгөн же алардан олуттуу четтөө болуп саналбаган орчундуу эмес туура келбегендиктер болсо).

Кабыл алынышы төмөнкүдөй натыйжаларга алып келиши мүмкүн болгон четтөөлөр, эскертмелер жана жетишпеген маалыматтар жана документтер олуттуу деп эсептелет: 1) берүүнүн же жумуштардын предметине же көлөмүнө же сапатына же конкурстук документтерди аткарууга олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн болгон; 2) сатып алуучу уюмдун келишимде каралган укуктарын же конкурска катышуучунун милдеттерин конкурстук документациянын жоболоруна каршы түрдө олуттуу өлчөмдө чектеши мүмкүн болгон; 3) белгиленген талаптарга олуттуу өлчөмдө туура келген табыштамаларды берген конкурстун башка катышуучуларын тең эмес шарттарга коюшу мүмкүн болгон.

Бул берүүчүлөр табыштаманы кепилдеген декларацияга кол койбогон же КТККны бербеген (эгерде конкурстук документациянын шарты боюнча талап кылынса), же салыктар, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу салымдары боюнча же социалдык төлөөлөр боюнча карыздары бар болгон учурда орун алат. Табыштамада сунушталган техникалык параметрлер конкурстук документациянын техникалык адистешмелерине туура келбесе, ошондой эле эгерде сатып алуучу уюм табыштаманын баасы өтө эле төмөндөтүлгөнүн аныктаса, берүүчүнүн келишимди аткарууга жарамдуулугуна шек жаралса сатып алуучу уюм табыштаманы четке кагат. Ошондо сатып алуучу уюм шек жаралган позициялар боюнча берүүчүдөн такталган маалыматтарды жазуу жүзүндө суратып алыш керек.

Эски мыйзамдагы табыштама четке кагылган эки учур (эгерде талапкер табыштамасындагы арифметикалык каталарды оңдоого көнбөсө; берүүчү пара берсе) жаңы мыйзамга кирбей калды.

Ошондой эле мыйзамда жеңүүчүнү аныктоонун жол-жобосу такталды. Анын табыштамасы конкурстук документациянын талаптарына маңызы боюнча жооп бериш керек: 1) эгерде баа бирден-бир критерий болуп саналса, эң төмөнкү баага; 2) эгерде конкурстук документацияда баа менен бир катарда баа берүүнүн башка критерийлери каралса, белгиленген критерийлерди эсепке алуу менен кыйла төмөн бааланган наркка.

Конкурстун катышуучулары табыштамаларды конкурстук документациянын талаптарына туура келген бирдей шарттар менен берген учурда, башка сертификаттардан тышкары сапатты башкаруу тутумунун сертификаты бар берүүчүнүн табыштамасы жеңип чыкты деп эсептелет.

Белгилүү болгондой, сатып алуулардын бардык процесси протоколдо чагылдырылат. Мыйзамда анда чагылдырылууга тийиш болгон жаңы маалыматтар көрсөтүлгөн: алкактык макулдашуунун жол-жоболору колдонулганда сатып алуучу уюм жетекчиликке алган себептер жана жагдайлар; табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу, табыштамалардын колдонулуу мөөнөттөрүн узартуу жана жол-жоболордун кайра жаңыртуу жөнүндө маалыматтар; сатып алуулар тууралуу келишимдин баасы жана башка негизги шарттары; конкурстун жеңүүчүсүнүн рейтинги; өтө төмөн баа камтылган табыштамаларды четке кагуунун себеби, сатып алуулар жөнүндө келишимди түзүү жөнүндө чечим.

Протоколго комиссиянын бардык мүчөлөрү кол коет жана ал сатып алуу бөлүмүнө берилет. Сатып алуучу уюм документти веб-порталга үч жумуш күндүн ичинде жайгаштырат. Электрондук сатып алууларды жүргүзүүдө протокол тутум аркылуу өз алдынча веб-порталда түзүлөт.

Белгилей кетчү жагдай, мурда минималдык босоголук суммадан төмөн сатып алуулар жүргүзүлгөндө, же бир булактан усулу колдонулганда сатып алуулар жол-жобосу тууралуу протокол түзүлчү эмес. Азыр болсо протокол бардык сатып алууларга түзүлөт жана мыйзамда келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу сатып алууда протоколго кошулуш керек болгон кошумча маалыматтар көрсөтүлгөн.

## Кандай себептерден улам конкурс жокко чыгарылат же өткөрүлгөн жок деп табылат?

Кандай учурларда сатып алуулар жол-жобосу жокко чыгарылат? Сатып алуунун зарылчылыгы болбой калса, келишимди түзгөнгө чейин каалаган убакта жана себеби көрсөтүлбөстөн жокко чыгарылышы мүмкүн.

Жаңы документте конкурс өткөрүлбөй калды деп таануусу үчүн негиз катары аудитордун тыянагы алып салынды. Конкурсту жокко чыгаруу же өткөрүлгөн жок деп таануу тууралуу маалымат бир жумуш күндүн ичинде веб-порталда жарыяланат.

Мыйзамда конкурс өткөрүлгөн жок деп таанылган учурда сатып алуучу уюмдун аракеттеринин жаңы схемасы белгиленген: ал баалоо критерийлерин, техникалык адистешмелерди, квалификациялык талаптарды кайра карап чыгууга жана кайрадан конкурс өткөрүүгө тийиш. Эгерде анда да келишим түзүлбөсө, анда сатып алууларды келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу жүргүзсө болот.

## Жыйынтык чыгаруу жана келишим түзүү

Сатып алуучу уюм конкурсту жеңип алган берүүчүнү атап, ал берген табыштаманын баасын көрсөтүү менен жүргүзүлгөн тандоо жөнүндө маалыматты веб-порталга үч жумуш күндүн ичинде жайгаштырат. Эгерде сатып алуулар жол-жоболору ведомстволор аралык көз карандысыз комиссиянын (комиссия тууралуу төмөн жакта да сөз болот) чечими боюнча токтотолуп коюлбаса, сатып алуучу уюм жеңүүчү менен келишимге мөөнөтүндө кол коет. Бул мөөнөт усулга жараша болот жана жүргүзүлгөн тандоо жөнүндө маалымат веб-порталга жайгаштырылган күндөн тартып эсептелет: 1) бир этаптуу жана эки этаптуу усул аркылуу өткөрүүдө 7 жумуш күндөн кийин; 2) жөнөкөйлөтүлгөн усул жана бааны төмөндөтүү усулу аркылуу өткөрүлгөндө 2 жумуш күндөн кийин.

Сатып алуулар тууралуу келишимдерге КР Граждандык кодексинин ченемдери колдонулат. Мыйзамдын 51-беренесинде кол коюлган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде веб-порталда жарыяланыш керек болгон маалыматтар көрсөтүлгөн. Келишимге конкурсту өткөрүүдө берүүчүнү тандап алуу критерийлери болуп эсептелген өзгөрүүлөрдү киргизүүгө болбой турганын билүү зарыл.

Мыйзамда дагы бир жаңы талап бар: эгерде келишимге кол коюлган күндөн кийин салыктарга, жыйымдарга же милдеттүү төлөмдөргө тиешеси бар мыйзамдарда товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын көбөйтүүгө же азайтууга алып келүүчү кандайдыр бир өзгөрүү болсо, сатып алуучу уюм келишимдин наркын тийиштүү түрдө көбөйтүүгө же азайтууга тийиш.

Келишимди аткарууну кепилдик камсыз кылуу (КАКК) бөлүгүндө да өзгөрүүлөр болду. Сатып алуучу уюм берүүчүдөн КАККты суратып алса болот. Эски мыйзамда бул сатып алуучу уюмдун укугу эмес, милдети катары каралган. Мыйзамдын 52-беренесинде КАККтын түрлөрү көрсөтүлгөн. Эскисинен айырмаланып, КАККтын түрлөрүнөн акциялар алып салынды жана бул накталай финансы гана эмес, акча каражаттары да болушу мүмкүн экени такталган. Мыйзам сатып алуучу уюмга келишимге КАКК катары аткарылган иштин актысынын жыйынтыгы боюнча ар бир төлөмдөн 10 пайызга чейин кармап калууну кошуу укугун берди.

Мыйзамдагы дагы бир жаңылык – сатып алуучу уюмдун төм. учурларда конкурстун жыйынтыгы боюнча алкактык макулдашууга кол коюу мүмкүнчүлүгү: 1) эгерде убакыттын кандайдыр бир конкреттүү мезгилинин ичинде белгисиз же көп иреттик негизде сатып алуулардын предметин сатып алуунун зарылдыгы келип чыкса; 2) эгерде сатып алуулардын предметинин өзгөчө мүнөзүнөн улам убакыттын кандайдыр бир конкреттүү мезгилинин ичинде бул предметтин зарылдыгы шашылыш тартипте келип чыгуусу мүмкүн болсо.

Мыйзамдын 22-беренесинде сатып алуучу уюм конкурсту өткөрүүдө алкактык макулдашууга кол коюу үчүн кулактандырууда жана документтин өзүндө көрсөтүш керек болгон маалымат жазылган. Алкактык макулдашууну пайдалануунун тартибин Өкмөт бекитет.

## Эгерде талаш-тартыштар пайда болсо

Эски мыйзамда дооматтарды коюу тартибине түшүндүрмө берилген. Бирок ал берүүчүнүн сатып алучу уюмга койгон дооматына гана тиешелүү болчу. Эми болсо пикир келишпестиктер келип чыккан учурда келишимдин эки тарабы тең себептерди көрсөтүү менен бири бирине дооматтарды коюуга укуктуу. Мыйзам дооматты кароо жана ага жооп кайтаруу үчүн мөөнөттү белгиледи. Доомат коюлган күндөн тартып он жумуш күндүн ичинде жооп берүүгө милдеттүү. Бул мөөнөттүн ичинде ага жооп берилбеген учурда, же четке кагылганда, кызыкдар тарап сотко кайрылууга укуктуу.

## Босоголук сумма жана сатып алуулардын усулдары тууралуу

Босоголук сумма - бир жылга чыгымдардын ар бир беренеси боюнча сатып алуулардын усулун тандоо аныктала турган суммалардын өлчөмү (минимум жана максимум). Босоголук суммалардын өлчөмүн жана аларды колдонуунун ыкмасын Өкмөт белгилейт. Азырынча буга тиешелүү токтом чыга элек жана 2005-жылдын 16-сентябрындагы №440 документ күчүндө турат. Ага ылайык, босоголук сумманын өлчөмү бекитилген. Мисалы, бюджеттик уюмдар, мамлекеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн уюмдар үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга минималдык босоголук сумма 500 000 сомду, ал эми максималдык 1 500 000 сомду түзөт.

Мыйзам менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын төмөнкүдөй усулдары белгиленген: 1) бир этаптуу усул; 2) эки этаптуу усул; 3) жөнөкөйлөтүлгөн усул; 4) бааны төмөндөтүү усулу; 5) келишимди тикелей түзүү усулу.

Бир этаптуу усул аркылуу конкурс негизги болуп саналат жана баадан тышкары башка критерийлерди да белгилөө зарыл болгондо колдонулат. Аны өткөрүүдө сатып алуулардын жол-жоболоруна катышууну каалаган берүүчүлөрдүн саны чектелбейт. Эски мыйзамда аталган усулга чек коюлбаган тооруктар жана чектелген катышуулар менен тооруктар шайкеш келген.

Эки этаптуу усул аркылуу конкурс жөнөкөйлөтүлгөн усул аркылуу конкурстан айырмаланып өзгөрүүгө дуушар болгон жок. Жөнөкөйлөтүлгөн усул жалпысынан эски мыйзам боюнча котировкаларды суратып алуу усулуна шайкеш келет, бирок бир аз айырмачылыктар бар. Ал атайын даярдоону талап кылбаган даяр товарларды, конкреттүү сыпаттамасы бар жумуштар-

ды жана кызмат көрсөтүүлөрдү максималдуу босоголук суммадан төмөн суммада сатып алууну ишке ашырган учурда пайдаланылат (эски мыйзамда – товарлар үчүн гана). Бул усул аркылуу экиден кем эмес берүүчүнүн табыштамалары каралат (эски мыйзамда – үчтөн кем эмес). Сатып алуучунун керектөөлөрүн канааттандырган, эң төмөнкү баа сунушталган табыштама жеңүүчү деп табылат.

Дагы бир усул – бааны төмөндөтүү усулу. Ал сатып алуулар усулуна шайкеш келет – эски мыйзамда болгон электрондук кайра аукцион. Ал төм. учурларда колдонулат: 1) эгерде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр белгиленген сапат стандарттарына жана кызмат көрсөтүүлөрдүн конкреттүү сыпаттамасына ээ болсо; 2) эгерде натыйжалуу атаандаштыкты камсыздоо үчүн үчтөн кем эмес берүүчүлөрдөн турган атаандаштык рыногу болсо.

Алардын ортосунда айырма – кайра аукцион товарларды сатып алуу үчүн жүргүзүлсө, бул усул болсо товарларды жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн жүргүзүлөт.

Веб-портал табыштамаларды автоматтык түрдө ачат. Ачуу протоколу жана жол-жоболордун протоколу автоматтык түрдө түзүлөт жана веб-порталдын системасында жайгаштырылат. Бул усул аркылуу конкурсту өткөрүү тартиби Өкмөт тарабынан аныкталат. Бул жерде маанилүүсү – аталган усул аркылуу сатып алуулардын электрондук форматты же ыкманы колдонуу менен жүргүзүлгөнү, т.а., сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү реалдуу убакыт режиминде же «офф-лайн» режиминде сатып алууну камсыз кылуучу Интернет тармагын, маалыматтык тутумдарды (веб-порталдарды) жана электрондук маалыматтык ресурстарды пайдалануу менен жүзөгө ашырылат. Бул жерде биз сатып алуулардын усулун сатып алууларды өткөрүү ыкмасынан айырмалай алышыбыз керек.

Конкурстун жеңүүчүсүн аныктоодо сатып алуучу уюм пайдалануучу критерийлер сандык жана акчалай түрдө көрсөтүлүүгө тийиш. Сатып алуучу уюм өзү төлөөгө даяр баштапкы бааны белгилейт, ал эми берүүчүлөр болсо баанын деңгээлин улам азайтуу менен өз сунуштарын беришет.

Электрондук сатып алууларды мындан ары да жайылтуу бул системаны айкындуураак кылат. Ал эми адам факторун жоюу коррупциялык көрүнүштөрдү жок кылат. КР Мамлекеттик сатып алуулардын порталында 2015-жылдын 8-июлунда КР Финансы министрлигине жазылган кат жарыяланган. Анда бардык конкурстарды интернет-порталдык (http://zakupki.gov.kg.) жардамы менен электрондук ыкма аркылуу өткөрүү өтүнүчү келтирилген. Бирок биз жогоруда бааны төмөндөтүү усулу тууралуу баяндамабызда белгилегендей, мыйзам электрондук ыкма менен сатып алууларды милдеттүү жүргүзүүнү бааны төмөндөтүү усулу үчүн гана караштырган. Бул болсо мыйзам менен белгиленген сатып алуулардын усулдарынын өзгөчөлүктөрүн эске алганда жүйөлүү жана логикага туура келет. Финансы министрлиги сатып алуучу уюмдар мыйзамдын алкагында иш жүргүзгөнүн өз катында түшүндүрүп берсе туура болмок.

Келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу сатып алуулар мурдагыдай эле конкурс өткөрбөстөн жүзөгө ашырылып келет. Бирок бул бааларга мониторинг жүргүзгөндөн кийин гана ишке ашат. Маанилүү тактоо: берүүчү мыйзамда каралган квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Бул эки чектөө ушул усулдун коррупциялык тобокелчиликтерин азайтат. Эми ЫМУга мындай сатып алуулар тууралуу кабарлама берүү зарыл эмес. Мыйзамда сатып алуучу уюм ушул усул менен сатып алууну өз алдынча жүргүзүүгө укуктуу.

Эски мыйзамдан айырмаланып, жаңысында товарды өкмөт аныктаган ички берүүчүлөрдүн тизмесине ылайык сатып алуу алып салынган. Бирок жаңысы кошулду – мөөнөтүнөн эрте шайлоо өткөрүлгөн учурда. Чыгымдардын ар бир беренеси боюнча, минималдуу босоголук суммага чейинки өлчөмдө товарларды сатып алуулар тууралуу тактоо пайда болду – жылына бир жолу (мурда жыл ичинде болчу). Дагы бир жаңы талап – сатып алууларды жүргүзгөнгө чейин кеминде эки жумуш күн мурда веб-порталга төмөнкүдөй маалыматтар камтылган кабар жайгаштырылат: сатып алуунун предмети, көлөмү жана жалпы суммасы тууралуу; келишим түзүлгөндөн кийин – аталышы жана юридикалык дареги; Конкурстук мезгил жана конверттерди ачуу этаптары аталган усул үчүн колдонулбайт.

## Консультациялык кызмат көрсөтүүлөр

Консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча усулдар өзгөргөн жок. Бул сапаты жана наркы, сапаты, тастыкталган бюджеттин шартында, эң төмөн баа, консультанттардын квалификациясы боюнча, келишимди тикелей түзүү аркылуу тандоо.

Мыйзамда сапаты жана баасы боюнча тандоо усулун жүргүзүүнүн тартиби жана аны колдонуу шарттары көрсөтүлгөн. Калган усулдарды колдонуунун шарттарын жана жүргүзүүнүн тартибин Өкмөт аныктайт. Эски мыйзамда бардык усулдарды колдонуу шарттары жана жүргүзүү тартиптери баяндалган.

Консультанттардын алардын кызыкдардыгы жөнүндө катты алуу үчүн чакыруу катта веб-порталда кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып 10 күндөн кем эмес мөөнөт белгилениш керек, эски мыйзамда эки жумадан аз эмес болчу. Кыскача тизмеге үчтөн кем эмес консультант киргүүгө тийиш, эски мыйзамда – үчтөн алтыга чейин болчу. Сунуштарды берүүнүн акыркы мөөнөтүнө 5 жумуш күн калганга чейин консультант сатып алуучу уюмдан чакыруу катта келтирилген маалыматтар боюнча түшүндүрмө берүүнү сурай алат, эски мыйзамда буга 10 күн берилген.

Ачуу протоколу веб-порталга табыштамасы бар конвертти ачкандан кийин бир күндүн ичинде жайгаштырылат, ал эми жол-жоболор протоколу – үч жумуш күндүн ичинде. Эң көп балл алган консультанттар менен келишим түзүү боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө консультантты анын кызмат көрсөтүүсү үчүн сыйлоо тууралуу маселе талкууланбайт, ал эми эски мыйзамда болсо, муну да, ордун толуктаган чыашаларды да талкуулоого тыюу салынган. Түзүлгөн келишим тууралуу маалыматты веб-порталга жайгаштыруу сатып алуучу уюм үчүн жаңы талап. Кели-

шимге жеңүүчү аныкталган күндөн тарта жети жумушчу күн аяктагандан кийин кол коюлат. Эски мыйзамда мөөнөт белгиленген эмес.

## Даттанууларга байланыштуу маселе кантип чечилет?

Мамсатып алуулар боюнча тендерлерди өткөрүүдө бардык жол-жоболор талаш-тартыштар жана жаңжалдар менен коштолгон учурлар аз болгон жок. Дайыма наараазылар чыкчу. Жашоо чындыгын эске алуу менен, жаңы мыйзамда сатып алуулар жол-жобосуна даттануунун сотко чейинки тартиби өзгөртүлдү. Сатып алуучу уюмга даттануу берүүгө жана ЫМУда даттанууга болбойт. Бул ашыкча инстанцияны жойду. Анын үстүнө адатта сатып алуучу уюмдун аракеттерине даттанышат. Бул чара ак ниет берүүчүлөрдүн укуктарын коргойт деген үмүт бар.

Эми даттанууларды кароо үчүн Өкмөт даттанууларды жана наааразылыктарды кароо боюнча ведомстволор аралык көз карандысыз комиссияны (мындан ары - ведомстволор аралык көз карандысыз комиссия - ВАКК) түздү. Ага коомчулуктун, сатып алуулар жагында сертификацияланган адистердин өкүлдөрү кирди. ЫМУ ВАККтын катчылыгы катары иш алып барат.

Мындан ары конкурстун катышуучулары веб-портал аркылуу сатып алуулардын жол-жоболорунун каалаган этабында, ошондой эле келишимди түзгөндөн кийин да даттана алат. Эски мыйзамда тендердик комиссия жүргүзүлгөн тандоо тууралуу чечим чыгарганга чейин гана даттанууга уруксат берилген болчу.

Төмөнкүлөр даттануунун предмети боло албайт: 1) ички берүүчүлөргө жеңилдиктерди берүү; 2) сатып алуучу уюмдун чечими – эгерде сатып алуу зарылчылыгы жоголсо, келишим түзгөнгө чейин каалаган убакта сатып алуулар жол-жобосун жокко чыгаруу. Мурда төм. даттануунун предмети боло алмак эмес: сатып алуулар усулун тандоо; тендердик документтердин талаптарынын маани-мазмунуна жооп берген жана эң төмөн бааланган наркы бар табыштама утканы тууралуу чечим; тоорукту өтпөй калды деп таануу боюнча чечимдер: бардык арыздар четке кагылганда, аудитордун корутундусунун негизинде, табыштаманын минималдуу баасы сатып алууларды өткөрүүгө бөлүнгөн суммадан ашып кетсе.

Комиссия-арбитр жүйөлөнгөн чечим чыгарат жана аны веб-порталга жайгаштырат. Эгерде берүүчүнүн даттануусу негиздүү болсо, комиссия конкурстун жол-жобосунун шарттарын бузган сатып алуучу уюмдун чечимин жокко чыгаруу өңдүү укуктук коргоонун бир же бир нече каражаттарын көрсөтүүгө тийиш.

ВАКК келишим түзүлгөндөн кийин да даттануу болсо, кароо үчүн бул келишимди аткарууну 7 календардык күнгө чейинки мөөнөткө токтотот. Эгерде комиссия сатып алуу мыйзамдын талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн деп тааныса, даттануунун негиздүүлүгү тууралуу корутунду чыгарат, катышуучу аны менен сотко конкурсту жараксыз деп таануу үчүн кайрыла алат.

## Мыйзам бузуулар үчүн жоопкерчиликти эч ким жокко чыгарган эмес

Сатып алуулар тууралуу мыйзамдарды бузганы үчүн жетекчилердин жоопкерчилиги тууралуу эски жоболорго жаңылары кошулду. Айталы, эми сатып алуучу уюмдардын жетекчилеринен жана конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнөн тышкары (эски мыйзамда ушундай болчу) сатып алуулар бөлүмүнүн жана конкурстук комиссиянын мүчөлөрүн да жоопко тартууга болот. Маанилүү учур – мыйзам келишимди түзүү боюгча жана келишим боюнча төлөөгө карата сатып алуучу уюмдардын жетекчилеринин жоопкерчилигин караштырат.

Айталы, сатып алуулардын жол-жоболорун (сатып алууну келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу жүргүзүүнү кошпогондо) жүргүзбөстөн, минималдуу босоголук суммадан жогору түзүлгөн келишим жараксыз деп таанылат жана бул келишим боюнча төлөнгөн бардык чыгымдардын орду сатып алуучу уюмдардын ушундай чечим кабыл алган жетекчилеринин эсебинен толтурулууга жатат.

Сатып алуучу уюмда акчалай каражаттар болгондо, төлөп берүүдөн баш тартылган же төлөп берүүнүн конкурстук документтерде эскертилген мөөнөтү же графиги бузулган учурда мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекет же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы акциялардын 50% жана андан көп үлүшүнө ээлик кылган акционердик коомдун биринчи жетекчилери үчүн жеке жоопкерчилик белгиленген.

Дагы бир жаңы маанилүү учур – мыйзамдын 54-беренесинде келишим токтотулушу мүмкүн болгон эки учур каралган. Биринчиси – келишимди түзүүдө тараптар негизденген жагдайлар олуттуу өзгөргөндө жана келишим түзүү учурунда бул өзгөрүүнү алдын ала билүүгө мүмкүн болбогондо жана эгерде мында келишимди аткаруу мамлекеттик кызыкчылыктарга каршы келсе, сатып алуучу тарап мындай жагдайлар белгилүү болгондон кийин 2 жуманын ичинде келишимди бузат. Мыйзам бул ченемди келишимге киргизүүнү талап кылат. Мындай учурда Граждандык кодекске ылайык, тараптар сарптаган чыгымдардын ордун толуктоо каралган. Экинчи учур - келишимдин бардык шарттарын аткарган учурда.

Мындай чара берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоп, сатып алуучу уюмдун кара ниет жетекчилеринин келишимди бир тараптуу бузуу шылтоосу менен аларга басым жасай алуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

Сөз соңунда кошумчалай кетүү керек, «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» жаңы мыйзам мамструктуралар үчүн да, бизнес үчүн да ушунчалык маанилүү жана актуалдуу болгондуктан, аны колдонууда ар бир сабын кунт коюп окуп чыгуу керек, ал эми суроолор пайда болсо юристтерге же эксперттерге кайрылуу зарыл. Бул шашылыш чечимдерди кабыл алуудан жана ката кетирүүдөн оолак кармайт.

**Өнүктүрүү саясат институту бардык кызыкдар тараптарды төмөнкү шилтеме менен өтүп таанышууга чакырат: http://www.dpi.kg/upload/file/ZakonKR_o_goszakupkah_3.04.2015_N72_KYR.doc**




# Эвергриния – Фин-Билим-Сити Муниципалитети – 2015: форматтардын ийгиликтүү биригүүсү

Түрмөктү даярдаган Гуляим ШАМШИДИНОВА,
ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Финансылык жактан агартуу боюнча «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектеби биринчи жолу 2014-жылдын июнь айында ачылган. Жайкы мектеп финансылык сабаттуулукка окутуу, ийгиликтүү жана дени сак турмушту камсыздоо үчүн жеке каражатын башкаруу боюнча билим берүү; ошондой эле жаштарга Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу билимдердин негизин берип, коомдук финансыны башкаруу жана бюджеттик процесске катышуу көндүмдөрүн үйрөтүү максатында Кыргызстандын түрдүү региондорунан балдардын башын бириктирген. Швейцария Өкмөтү каржылаган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) финансылык колдоосу алдында 2015-жылдын июль айында экинчи 12 күндүк финансылык агартуучулук боюнча «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» (мындан ары – ФБС Муниципалитети) жайкы мектеби башталды. Жаңы формат – ФБС Муниципалитетинин «Эвергриния» Республикасы менен бириктирилген нөөмөтү бул жылы мектептин өзгөчөлүгү болуп калды. «Эвергриния» Республикасы – Кыргызстанда кеңири таанылган, 19 жылдык тарыхы бар жайкы мектеп. Эки лагердин базасында Ысык-Көлдүн жээгинде 2015-жылдын 2-июлунан 13-июлуна чейин «Эвергриния – Фин-Билим-Сити» (мындан ары – Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсү) деген аталышта бирдиктүү мамлекет түрүндө, оюн форматында бирдиктүү билим берүүчү интерактивдүү платформа түзүлдү.**

## Катышуучулар кимдер?

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө 12-17 жаш курактагы 106 бала жана Кыргызстандын бардык аймактарынан келген 18-27 жаштагы 12 ментор жашады. Бул жерге түрдүү улуттагы балдар чогулду, атүгүл Казакстан жана Кытай өңдүү коншуна мамлекеттерден да келгендер болду. Катышуучулардын жарымы лагерге акысыз жолдомону өз аймагында финансылык агартуучулук лидери болуу даярдыгын көрсөтүү менен, Кыргызстандын орто билим берүү мектептеринин 8-11-класстарынын окуучулары арасында финансы сабаттуулугу боюнча өткөрүлгөн дил баян сынагында утуп алып келген. Салыштыруу үчүн: 2014-жылы ушул эле дил баян сынагына 166 бала катышкан жана сынакта бир орунга 3 бала талапкер болгон. Ал эми 2015-жылы сынакка 220 табыштама түшүп, бир орунга 6 бала талапкер болду. Ошондуктан лагерге мыктылардын мыктылары келди десек да болот.

«Эвергриния» жайкы лагери тарабынан 12 жаштар коомдук бирикмесинин мүчөлөрү катышты. Алардын арасында аз камсыздалган үй-бүлөлөрдөн 60тан ашуун өспүрүм болду. Алар Билим берүү демилгелерин колдоо фондунун (БДКФ) «Келечек – ар түрдүүлүктө» сынагынын алкагында коомдун турмушунда жаштардын жарандык катышуу көндүмдөрүн жана практикасын жайылтууга багытталган долбоорлорду иштеп чыгышкан. Жаштардын коомдук бирикмелери жайкы лагерге өзгөчө жигердүү мүчөлөрүн жиберишкен. Алар иш жүзүндө чыныгы турмушка окшоштурулган шарттарда өз долбоорлорун апробациялап, өз идеяларын мындан ары жайылтуу үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ болушту.

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндөгү жашоону 26 уюштуруучу камсыздап турду. Алар: тажрыйбалуу педагогдор, эксперттер жана модераторлор – балдар менен иштешүүдө көп жылдык тажрыйбасы бар, өз ишинин таланттуу кесипкөйлөрү, мыкты адистер. Финансылык сабаттуулук боюнча педагогдор өткөн жылы да финансылык агартуучулук боюнча «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектебине катышкан. Ошондуктан жеке каражатты башкаруу боюнча балдар менен иш алып барууда абдан жакшы көндүмдөргө ээ.

## Форматтардын ийгиликтүү биригүүсү

Финансылык агартуучулук боюнча «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектебин түзүү боюнча долбоордун концепциясы КР мектептеринде финансылык агартуучулук кыймылын өнүктүрүү, ошондой эле КРда жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу билимдин негиздерин окутуу аркылуу коомдук финансыны – жергиликтүү бюджетти башкарууда жарандын көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында жеке финансыны башкаруу маселелери боюнча теория жана практика жүзүндө окутууга негизделген.

«Эвергриния» жайкы лагеринин концепциясы болсо лидердик дараметти өнүктүрүүгө, ишкердик, саясий, көркөм жана спорт таланттарын аныктап чыгууга багытталган.

Эки масштабдуу интерактивдүү окутуучу концепцияны айкалыштыруунун натыйжасында зарыл болгон эң белгилери – герби, туусу, гимни, турмуш тиричиликтин бардык чөйрөлөрү бар бир бүтүн демократиялык мамлекет чыга келди. Жаңы Өлкөдө өспүрүмдөр калктын түрдүү катмарларынын өкүлдөрүнүн ролдорун ойношту. Алар балдардын, колу жукалардын, саясатчылардын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын, бизнесмендердин, маданият жана спорт кызматкерлеринин, пенсионерлердин ж.б. ролдорун аткарышты. Бул жерде ар бир жашоочу саясат, билим берүү, экономика, бизнес, саламаттык сактоо, медиа, маданият жана спорт чөйрөлөрүндөгү өзүнүн дымактарын ишке ашыра алышты.







# Түзүлүш жана саясий турмуш



## Финансы системасы

Лагерге көчүп келген күнү уюштуруучулар жайкы мектеп ачылганы тууралуу жарыя жасагандан кийин эле калкка зарыл кызмат көрсөтүүлөрдү берүү максатында ачылган мамлекеттик мекемелерде иштөө үчүн банк кызматчыларынын, юристтердин, экономисттердин кызмат орундарына талапкерлердин маектешүүсү өттү. Биринчи болуп чыныгы электрондук системасы бар Улуттук банк түзүлдү. Банкка сынак менен Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн түрдүү жарандарынын финансылык керектөөлөрүн тейлөө үчүн ар кандай тилди билген төрт бала өттү. Банк ачылган учурдан баштап ар бир жаранга өзүнүн банк эсеби аркылуу накталай жана нак эмес эсептерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгү берилди. Бардык жашоочуларга өлкөнүн башкы банкы 6000 грин көлөмүндө баштапкы акчаны берди. Муну менен бирге жашоочулардын көбү аз гана акчаны нак алып, накталай эмес жол менен финансы операцияларын жүргүзүү үчүн негизги бөлүгүн эсебинде калтырышты. Мындан тышкары бардык жашоочуларга акча каражаттарын депозитке салып, киреше алып туруу мүмкүнчүлүгү берилди.

Банк аркылуу салыктар төлөнүп, эмгек акы которулуп, катышуучулар ортосунда эсептер жүзөгө ашып турду. Элиста ш. (Калмыкия) келген эксперт Аркадий МУНИЕВ банктын программалык камсыздоосун ишке ашырып, анын ишин жетектеп турду.

## Массалык маалымат каражаттары

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндөгү маалымат мейкиндигин толтуруу үчүн «төртүнчү бийлик» – телевидение, гезит, радио жана социалдык түйүндөрдү кошкондо массалык маалымат каражаттары жигердүү иштеп турду. Секторду жогорку класстагы кесипкөйлөр жетектеди – Илья СИВОХИНдин жетекчилиги алдындагы «Стан-ТВ» каналынын техникалык адистери, операторлору жана үн режиссерлору. Жаңылыктарды жана берүүлөрдү алып баруучунун, журналисттердин, кабарчылардын, операторлордун, үн режиссерлордун ролуна кастинг жарыяланды. Журналистикага чындап умтулган 15 бала тандалып алынып, алар 12 күн бою кесипкөй деңгээлде журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзүп, берүүлөрдү тартып, соңку жаңылыктар менен кабардар кылып турушту. Күн сайын кечинде жаңылыктарды көрүү үчүн Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн бардык тургундары экрандын алдында чогулуп жатышты.



Чыгармачыл мамиле жасап, балдар жаңылыктарда жаңы сүрөт-блог ачышып, анда бардык каалоочулар эң мыкты сүрөт үчүн уюштурулган сынактын алкагында Өлкө турмушунан алынган кызыктуу сүрөттөрдү жайгаштыра алышты. Жылдык басылманын - «Өлкө жарчысы» деп аталган гезиттин чыгарылышы да маанилүү окуя болуп калды. Бул гезитте өткөн жылдын чуулгандуу жаңылыктары басылып, журналисттик иликтөөнүн негизинде макалалар, аналитикалык иштер, Өлкө жарандарынын турмушу жайгаштырылды. Эртең мененден баштап түнгө чейин «Грин Фин FM» радиосу иштеп турду. Аталган радио калкка жаңылыктарды өз маалында жеткирип, белгилүү адамдар менен эксклюзивдүү маектерди берип турду. 12 жыл ичинде дайыма окуялардын чордонунда жүргөн журналист балдар массалык коммуникациялар чөйрөсүндө квалификациялуу адис боло алышты.

## Көп түрдүүлүк

Кыргызстандагы көп түрдүүлүк жана көп тилдүүлүк баалуулуктарын колдоо максатында Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө бир топ окутуучу программалар жана маданий иш-чаралар өткөрүлдү: кыргыз, англис, кытай тилдер курсу; кыргыз жана өзбек авторлорунун спектаклдери; романтикалуу поэзия кечеси өтүп, анда түрдүү тилдерде ырлар окулду; кечки концерттерде көп улуттардын ырлары жаңырып, бийлер болду.

## Саясат

Мамлекетти башкаруу формасын тандап алуу алгачкы кадам болуп калды. Кызуу талкуулардан кийин жашоочулар президентсиз парламенттик башкаруу формасын тандап алышты. Биринчи эле күнү Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) түзүлүп, анын төрайымы болуп, 9-класстын окуучусу КЕРИМБЕК кызы Эля шайланды. Өз командасы менен Эля кыска убакыт ичинде парламенттик шайлоо процессин так жана жогорку деңгээлде уюштура алды. Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн бир нече лидерлери төрт саясий партияны түзүп, алар өз партияларын таанытуу үчүн түрдүү формаларды колдонуу менен шайлоо алдындагы үгүт өнөктүгүнө кызуу киришти: плакаттарды жана үгүт стикерлерин батирлердин эшиктерине (пансионаттардагы бөлмөлөр) жана коомдук жайларга илип чыгышты; мамлекеттин ар бир жараны менен жекече иш алып барып, өз партиясын колдоп коюуга үндөштү. Бул үчүн алар эсте калчу билерик жана азык-түлүктөрдү – минералдык суу, токоч, таттуу өңдүү ар кандай белектерди берип жатышты (балдар улуулардын шайлоочуларды сатып алуудан тартынбаган үгүт маалындагы жүрүм-турумун туурап жатканы көз көрүнө байкалып турду).

Шайлоо алдындагы жарыштын жыйынтыгында партия лидерлеринин ортосунда саясий дебаттар өттү. Кармаш кызуу жүрдү – айрым лидерлер Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн жарандарына бекер таттуу ичимдик, пенсионерлерге жеңилдиктер, көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүү өңдүү «бейишти» убада кылды. Ал арада жашоочулар эки чоң лагерге бөлүнүп калышты: аткарылгыс убадаларга ишенбей жана нааразы болгондор жана баары бир заматта аткарылса экен деп каалап, саясатчылардын сөзүнө ишенгендер.

БШК шайлоо күнүн дайындап, добуш берүү үчүн үкөктөрү бар шайлоо участокторун даярдады. Шайлоого Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн 100% жашоочусу катышты. Баарын жана бир заматта убада кылган Жаштардын өнүгүү партиясы жеңишке жетти. Парламенттеги азчылыкка добуш берүүдө 2-3-орундарды ээлеген дагы эки партиянын өкүлдөрү киришти.

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн мындан кийинки өнүгүүсү Парламенттин чечимдеринен көз каранды болчу. Парламент өз ишин Конституцияны иштеп чыгуудан баштады. Баш мыйзамга негизги бөлүмдөрдөн тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө бөлүм да кирди[1]. Ошентип Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Конституциясы жергиликтүү жамааттарга (эки шаарга – пансионаттын эки корпусуна) жергиликтүү кеңештер жана башкаруунун аткаруучу органдары – мэрия аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыгында жана жоопкерчилиги алдында чечүү укугун жана чыныгы мүмкүнчүлүгүн кепилдеди.

Парламенттин алгачкы жыйынында төрага болуп Дастан ДУНГАНОВ (Токтогул районунун Кара-Жыгач айылы) тандалды; депутаттар комитеттерге, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча комитетке бөлүнүштү. Өкмөттүн ишин уюштуруу үчүн конкурстун негизинде министрлердин кызматына талапкерлер тандалып, мамлекеттин бюджетин иштеп чыгышты. Ошентип өлкөнүн саясий системасы да түзүлдү: Конституция жана Кодекстер кабыл алынып, прокурор, сот, акыйкатчы, адвокат ишке алынды жана Парламенттин төрагасы аларга расмий түрдө мандат тапшырды.

Парламенттин жана өкмөттүн мамлекеттик

[1] Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн муниципалитеттеринде болгон иш аракеттердин сүрөттөлүшү "Муниципалитет" журналынын 28-32-беттеринде берилген.

бюджетти толуктоо максатында өткөрүлгөн алгачкы эле биргелешкен жыйынында турак жай үчүн күнүнө 350 грин өлчөмүндө ижара акысы белгиленди. Бул болсо Өлкө калкынын жарымында чоң нааразычылыкты жаратты. Жеке ишкерлерден салыктарды жана киреше салыгын эмгек акыдан 5% өлчөмүндө республикалык бюджетке калтырып коюу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул чечимдер менен парламент жана өкмөт эки шаардын жергиликтүү бюджеттерин бош калтырып коюшту. Бул болсо соңунда алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизди.

## Сот бийлиги

Ар бир демократиялык мамлекеттегидей эле Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө да бийликтин сот бутагы түзүлдү. Конкурстун негизинде ишке прокурор, сот жана адвокаттар алынды. Парламенттин Коопсуздук боюнча комитети коопсуздук министри менен биргеликте Тартип бузуулар жөнүндө Кодексти иштеп чыгышты.

Кийинчирээк эки чуулгандуу сот процесси өттү. Биринчи процесс Грин Stars City шаарынын жашоочусунан түшкөн арыздын негизинде өттү. Бул доо арыз менен жашоочу Грин Stars City шаарынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын эртең мененки көнүгүүлөрдү өткөрүү тууралуу чечимин жокко чыгарууга аракет жасады. Арыз ээси өтө эрте турууга мажбур болгонуна, уйкусу канбай жатканына даттанып, моралдык зыян үчүн 700 грин суммасында компенсация талап кылды. Көпчүлүк жашоочулар күбө катары арыз ээсин колдоп кеткендиктен, сот жарандын пайдасына чечим чыгарып, Грин Stars City мэриясын тийиштүү сумманы төлөп берүүгө милдеттендирди. Ошону менен мэрия маанилүү чечимдерди кабыл алуудан мурун коомчулук менен кеңири консультацияларды, анын ичинде коомдук угууларды өткөрүү керек экендигин толугу менен түшүндү.

Жарандардан зайым алып, ошонун эсебинен ресторандарды сатып алган ишкерге алданган жашоочулардын арыздары экинчи сот процесси үчүн негиз болду. Прокурор күнөөлүүнү алты кишиден ири көлөмдөгү насыя алып, аны төлөбөй койду деп айыптады. Соттук териштирүүлөрдөн соң жана күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнөн кийин сот ишкерди жабырлануучуларга насыянын толук суммасын төлөп берүүгө милдеттендирди.

## Жарандардын катышуусу

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүн да коомдук нааразылык кыйгап өткөн жок – Өлкө жашоочулары саясатта, экономикада жана социалдык чөйрөдө пайда болгон көйгөйлөргө нааразылыгын билдире баштады. Парламент жана Өкмөт берген убадаларын аткарган жок, ошондуктан коомчулуктун дээрлик түрдүү катмарлары нааразылыгын билдирип жатышты. Алардын арасында арзыбаган стипендияны да алалбай келаткан студенттер; пенсиясын өз убагында алалбаган пенсионерлер болду. Кийинки митингди күн сайын 350 грин өлчөмүндө турак жай үчүн ижара акысын төлөөгө каршы чыккандар өткөрдү. Алар салыктын суммасын азайтууну талап кылышты. Митинг жыйынтык берди: өкмөт ижара акысын күнүнө 300 гринге чейин азайтты. Бирок академиялык драма театрынын актерлорунун нааразылыгы эң чуулгандуу жана көркөм катары эсте калды. Алар театралдык костюмдарды кийип алып, колдоруна ураандар жазылган плакаттарды көтөрүп, бийлеп, ач кыйкырык салып, борбордук аянтта чоң шоу өткөрүштү. Актерлор парламент депутаттарынан театр үчүн жай бөлүп берүү тууралуу убадасын аткарууну талап кылышты. Талап ошол замат аткарылып, театр үчүн жай бөлүнүп берилди. ЖӨБ органдары да Парламенттин жана Өкмөттүн чечимдерине нааразы болушуп, салыктан түшкөн акчанын бир бөлүгүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке өткөрүп берүү аракетин көрүштү. Анткен менен бул аракеттерден майнап чыккан жок, ар бир муниципалитетке 14 000 грин өлчөмүндө грант бөлүнүп берилсе да, бюджеттер өз ара салыктан түшкөн каражаттарды бөлүшө албады. Бул акча эки шаардын актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча программаларды ишке ашырууга жеткен жок.

Акыр аягында Парламент менен Өкмөттүн натыйжасыз чечимдери бардык экономиканын жана бизнес-чөйрөнүн урай башташына, соода түйүндөрүнүн жана чакан бизнестин жабылышына алып келди. Бизнес туш болгон кырдаалдан улам ишкерлер азык-түлүккө бааны көтөрүүгө мажбур болду – насыялар көтөрө алгыс эле, ал эми кардарлар – Өлкө жашоочулары бизнестин өнүгүүсүнө бут тосуп, бири-бирине тамактанууга талонду алышып-беришип турду.

Кризис башталып, Парламент менен Өкмөт ичинде кырдаал чыңалды. Өз ара айыптоолор башталып, министрлердин алгачкы отставкалары орун алды. Жайкы лагердин жабыларына эки күн калганда парламенттик угууларда саясатчылар узатылган суроолорго жүйөлүү жооп кайтара алышкан жок, жоопторду адаштырып жатышты, бири-бирин айыптоого өтүштү. Өкмөт театрга 50 000 грин бөлүп берип, ошол эле кезде студенттерди, мамкызматчыларды жана эки муниципалитетти маянасыз калтыруу менен Өлкө бюджетин бөлүштүрүүдө өз компетентсиздигин көрсөттү. Бирок бардык каталарды оңдоого убакыт калган жок. Өз убадаларын аткаруу, аларга бийликти ишенип берген тараптардын астында жоопкерчиликтүү болуу, калктын муктаждыгын изилдөө, АР ДАЙЫМ ЖЕТИШПЕГЕН бюджеттик акчаларды туура артыкчылыкта бөлүштүрүү кандай маанилүү экендигин саясатчылар абдан кеч түшүнүштү. Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн жашоочулары өз кезегинде баарын жана бир заматта жасоону убада кылган саясатчыларга ишенбеш керектигин баамдашты.




# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу




## Муниципалитеттерди куруу процесси

Финансылык агартуучулук боюнча «ФинБилим-Сити Муниципалитети» Жайкы мектебинин маанилүү милдеттеринин бири окуучуларды финансылык агартуучулук контекстинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптерине иш жүзүндө окутуу болду. Бул эмнени түшүндүрөт? Бул окуучуларды жеке финансыны гана эмес, ошону менен бирге коомдук – шаардын же айылдын бюджетин, жергиликтүү жамааттын бюджетин башкаруунун негиздерине да үйрөтүү керек дегенди билдирет. ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖӨБ маселелери боюнча консультанты Гуляим ШАМШИДИНОВА Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн жарандары үчүн ЖӨБдүн негиздери боюнча тренинг өткөрдү. Анын алкагында ЖӨБдүн түзүмү туралуу кыска маалымат берип, мэрия деген эмне экенин, жергиликтүү кеңештин депутаттары ким болгонун айтып берди. Коомдук бюджеттик угуулар тууралуу маалымат мектепте дагы да кеңири чечмеленди (ким өткөрөт, эмне максатта жана кантип өткөрүлөт). Андан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча саясатты ишке ашырууга даярдык көрүүнүн биринчи этабы башталды. Бул максатта Өлкө жашоочуларына «Шаардык угуулар» деген аталышта практикалык сессия сунуш-

талды. «Шаардык угуулардын» жүрүшүндө өлкө жашоочулары эки муниципалитеттин (эки шаар – пансионаттын эки корпусу) аталышын тандап алышты; өз шаарларынын атрибутикаларын ойлоп табышты (герб, туу, шаардын урааны); шаардын аймагында жашоонун баалуулуктары мүмкүн болушунча кеңири сүрөттөлүп турду. Мисалы, шаардын аймагында тазалыкты кантип жана эмне үчүн кармап туруш керек, эмне үчүн уктаар алдында тынчтыкты сактоо зарыл, салыктарды өз маалында төлөө жана шаардын турмушуна жигердүү катышуу канчалык маанилүү ж.б.

Алдыга коюлган тапшырмаларды аткарууга өлкөнүн 106 жашоочусу 10 адамдан турган топторго бөлүнүп, аларга бир саат гана берилди. Балдар тапшырмаларды аткарууга жигердүү киришип, командаларга тез эле бөлүнүп, кызуу талкууларды өткөрүшүп, акыл чабуулу аркылуу шаарлардын бардык сунушталган аталыштарын түстүү маркерлер менен тартып, шаарлардын тууларын жана гербдерин кагаз бетине түшүрүп, кызыктуу ураандарды ойлоп табышты. Ар бир топ өз элесин иштеп чыгып, концепциясын сунуштай алды. Шаар-муниципалитеттер үчүн төмөнкүдөй аталыштар сунушталды: Эверфин, Грин Stars City, Фингрин сити, Гринсити; ураандар: «Гринситиде көңүлдүү, кубан, жаша дем-күчтүү», «Биз эркин жана коопсуз шаар үчүнбүз!», «Силер баарыбызды жакшы көрөсүңөр. Достукту баалайсыңар. Бизден кетпейсиңер. Биз менен доссуңар. Конокко келесиңер!», «Биз эркин, ынтымактуу жана бирбиз, андыктан жеңилбейбиз!», «Эмне болору маанилүү эмес, Эвергрин артка чегинбес!», «Биз ар башкабыз, биз теңбиз!». Балдар өз жамааттарынын баалуулуктарын иштеп чыгууга чыгармачыл мамиле жасашты. Бирок негизги баалуулуктар төмөнкүлөрдө болгонуна токтолушту: достукта (өз ара сый мамиле, тил табыша алуу, ак ниеттүүлүк), тазалыкта (булгабоо, тегерек-четти тазалап туруу, тамеки тартпоо), ден соолукта (спорт менен алектенүү, көнүгүү жасоо), коррупцияга каршы турууда жана чынчылдыкта (пара бербөө, уурдабоо, ак ниет болуу), позитивдүүлүктө (күлүп жайнап, оптимисттик маанайда болуу, достукту бекемдөө), жигердүү жарандык позицияда турууда (бардык иш-чараларга жана шаардын турмушуна катышуу).



Добуш берүү жолу менен эки корпустун жашоочулары өз муниципалитеттеринин аталышын тандап алышты жана Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө эки шаар пайда болду – Эверфин жана Грин Stars City. Эми бул шаарлардын жашоочулары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын – жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана шаар мэрлерин тандап алыш керек болчу.

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Парламентинин ЖӨБ маселелери боюнча комитетинин төрайымы жашоочуларды Конституциянын жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган сегизинчи главасы менен тааныштырды жана жергиликтүү кеңештерди жана шаар мэрин шайлоонун жол-жоболоруна кеңири токтолду. Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Конституциясына ылайык, шаарлардын жергиликтүү кеңештерине бир мандаттуу система боюнча 3 гана депутат шайлана алат. 12 жашка толгон шаар тургундары шайланууга укуктуу, талапкерлерди саясий партиялар көрсөтсө болот, өз алдынча талапкерлигин көрсөтүүгө да уруксат берилген, шайлоого 8 жашка толгон бардык тургундар катыша алат.

БШК төрайымы шаардыктарды жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка талапкерлерди каттоонун жол-жоболору жана мөөнөттөрү, үгүт жана шайлоо өткөрүү процесси менен тааныштырды.

Жыйынтыгында, БШК эки шаардын жергиликтүү кеңештеринин депутаттыгына 11 талапкерди каттады: төрт талапкер Эверфин шаарынын кеңешине жана 7 талапкер Грин Stars City шаарынын кеңешине. Шайлоо алдындагы үгүттүн алкагында жалпы залда эки шаардын калкынын жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер менен жолугушуусу өттү. Ал жолугушууда алардын ар бири өз шаарларын өнүктүрүү долбоорлору, программалары менен тааныштырды. Ал программалар негизинен ТКЧ маселелерин (көчөлөрдү жарыктандыруу, таштанды чыгаруу, жолдорду оңдоо ж.б.) чечүүгө багытталган. Ошондой эле программаларда инвестицияларды жана гранттарды тартуу, жергиликтүү ишкерлер үчүн шарт түзүү, эки муниципалитеттин ортосунда түрдүү маданий жана спорттук конкурстарды жана таймаштарды уюштуруу менен маданиятты жана спортту өнүктүрүү маселелери камтылды. Калктан бир топ суроолор жана сунуштар түштү – басымдуу бөлүгү шаарлардын аймагында шарттарды жана ыңгайлуулукту түзүп берүүнү өтүнүштү.

Ошол эле күнү шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо өтүп, анын жыйынтыгында эки шаардык кеңеш үчүн 6 депутат шайланды. Грин Stars City шаарында жергиликтүү шайлоого 47 шайлоочу катышты, бул болсо шаардын катталган тургунда-

рынын жалпы санынан 66% түзөт. 7 талапкердин ичинен эң көп добушту Бектур МЕДЕТОВ (23 добуш), Мээримай КАНЫБЕКОВА (17 добуш), Акмарал МЕРГЕНОВА (15 добуш) алышты. Эверфин шаарында шайлоого 57 шайлоочу катышып, бул болсо катталган жарандардын санынан 78% түздү. Мында эң көп добушту Асыл ЭРМАТОВ (23 добуш), Аалы САТЫБЕКОВ (23 добуш), Диана МАМЫТОВА (15 добуш) алышты.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши

Муниципалитеттердин иши салтанаттуу иш-чара менен башталды. Анын жүрүшүндө Парламенттин төрагасы эки шаардын жергиликтүү кеңешинин депутаттарына мандат тапшырды.

Кеңештердин алгачкы сессияларында добуш берүү жолу менен төрагалар шайланды – Эверфин шаарында Аалы САТЫБЕКОВ, Грин Stars City шаарында Акмарал МЕРГЕНОВА болду; социалдык маселелер, бюджет жана финансы, билим берүү, маданият жана спорт боюнча туруктуу комиссиялар түзүлдү. Депутаттар жергиликтүү кеңештердин регламенттерин иштеп чыгып, бекитишти, мэрлердин кызмат ордуна конкурс өткөрүлдү. Мэрлердин кызмат орундарына каалоочулардын саны көп болду – эки орунга 5тен талапкер ат салышты. Маектешүү жолу менен Эверфин шаарында Эля КЕРИМБЕК кызы, Грин Stars City шаарында Айжамал ТУРАТОВА мэр болуп шайланды.

Коомдук угууларда эки шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мэриянын жана кеңештин депутаттарынын атынан жашоочуларды ЖӨБдүн түзүмү, ЖӨБ органдарынын курамы менен тааныштырып, суроолорго жооп беришти.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана эки шаардын мэриясынын биргелешкен аракеттери менен биринчи кезекте ЖӨБ органдарынын иш планы түзүлдү, жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору иштелип чыкты. Айталы, Эверфин шаарында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү план боюнча 20 000 гринди, чыгаша бөлүгү 11 500 гринди түздү. Грин Stars City шаарында киреше бөлүк 30 480 гринди, чыгаша бөлүк 24 400 гринди түздү. Бюджеттердин долбоорлору «Эверфин ш. соңку жаңылыктары» жана «Грин Stars City шаарынын эң эле сонун кабарлары» маалымат такталарына илинди.

Эки муниципалитеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Өлкө Парламенти менен биргелешкен жыйыны эсте каларлык иш-чара болуп калды. Жыйындын жүрүшүндө муниципалитеттерге мамлекеттик бюджеттен дем берүүчү гранттарды бөлүү маселеси талкууланды. Узакка созулган талкуулардан кийин Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Парламенти ЖӨБ органдарынын айтканына көнүп, эки шаардын бюджеттерине талап кылынган грантты бөлүү тууралуу чечим кабыл алды.

Андан соң эки шаардын ЖӨБ органдарынын биргелешкен жумушчу жолугушуусу өтүп, анда




түрдүү иш-чараларды ишке ашыруу боюнча биргелешкен маселелер талкууланды: бардык жашоочулардын бөлмөлөрүнө сүлгү таратып берүү жана ачкычтардын берилишине көзөмөлдү күчөтүү; жумушсуздук көйгөйүн чечүү, жумушсуздарды иш жана жөлөк пул менен камсыздоо; жолдордун ремонтун жүзөгө ашыруу (туш тарапка кеткен жолдорду тосуу); муниципалитеттерди мыкты көрктөндүрүүгө жана таза бөлмөлөргө кабат-кабаттар ортосунда сынак уюштуруу. Жоопкерчиликти бөлүштүрүп, ар бир иш-чара боюнча бюджетти түзүп чыккан соң тапшырмаларды ишке ашырууга киришишти. Бул үчүн эки шаардын мэрлери муниципалитеттердин банк эсептеринен зарыл болгон сумманы чыгарып алышты. Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө өз ордун табуу муниципалитеттер үчүн оңой эмес тапшырма болду. Балдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу түшүнүгү жок болчу, бирок алар бат эле өздөрү үчүн ЖӨБ органдарынын чыныгы ыйгарым укуктарына окшош болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктай алышты. Алар бул маселени ийгиликтүү чече алышты.

## Муниципалитеттер өз жарандары үчүн эмнелерди жасай алышты?

***Шаарлардын мэрлери тазалык үчүн күрөштү …***

Сөз Эверфин шаарынын мэри Эля КЕРИМБЕК кызында: «Тазалык апталыгынын алкагында мэрия

эң таза жана эң кир батирге сынак жарыялады. Бул сынак жарандарды өз бөлмөлөрүндөгү тартипке жана тазалыкка көз салып туруусу үчүн уюштурулду. Биз бөлмөлөрдүн абалын баалоо боюнча комиссия түздүк. Ага Алия МАХАЕВА (сенатор), Аалы САТЫБЕКОВ (кеңеш төрагасы), Сухроб ЭРГЕШОВ (сенатор), Гузель ДЖАНАЛИЕВА (сенатор) жана Эля КЕРИМБЕК кызы (шаар мэри) кирди. Уктаар алдында биздин комиссия бардык бөлмөлөрдү кыдырып чыгып, канчалык таза жана жайлуу болгонун, санитардык абалын бирден бешке чейинки шкала менен баалады. Көпчүлүк жашоочулар мындай текшерүүнү күткөн эмес, бирок демилгебизге түз карашты. Текшерилген 23 бөлмөнүн ичинен үчөө эң кир болуп чыкты. Дагы ушунча бөлмө кир же анча-мынча таза эле, экөө таза деп табылса, Тынай АБДУВАЛИЕВ жана Бекбарс УЛАНБЕК уулу жашаган 2208-бөлмө эң таза деп табылды».

Сөз Грин Stars City шаарынын жергиликтүү кеңешинин төрайымы Акмарал МЕРГЕНТАЕВАда: «Биздин шаарда да «Тазалык – бул саламаттыктын кепилдиги» деген ураан алдында ушул өңдүү сынак өткөрүлдү. Комиссияга Нургуль НУРАЛИЕВА (сенатор), Алия МАХАЕВА (сенатор), Акмарал МЕРГЕНТАЕВА (кеңештин төрайымы) жана Айжамал ТУРАТОВА (шаар мэри) кирди. Жашоочулар текшерүүчүлөрдү бөлмөлөрүнө эч тоскоолдуксуз киргизишти жана алардын баасын түшүнүү менен кабыл алышты. Бирок баары эле мыкты деп таанылгысы келип турду. Жалпы статистика көрсөткөндөй, текшерилген 19 бөлмөнүн ичинен эң кир деп эки бөлмө, көп деле таза эмес деп үч, дээрлик таза деп беш, таза деп төрт бөлмө табылды. Эң таза бөлмө деп Данила ДУДНИК жана Дима АДАМЮСУПОВ жашаган 1204-бөлмө табылды».

***… ден соолук үчүн күрөштү ...***

Эверфин жана Грин Stars City шаарларынын мэриялары жарандардын саламаттык сактоо көйгөйлөрүн чечүү демилгеси менен чыгышты. Айрым жарандар маал-маалы менен өздөрүн начар сезсе да, бул тууралуу эч кимге ооз ачышкан эмес. Ошондуктан мэрия ар бир жашоочунун маанайын жана ден соолугун баалоо боюнча тегерекчеси бар таблица түрүндө саламаттыктын атайын шкаласын иштеп чыгышты. Ар бир батирдин (бөлмөнүн) каалгасына саламаттыктын жеке графиги илинди. Шаар жашоочулары күн сайын эртең менен жана кечинде өз абалдарын беш баллдык шкала менен баалашты. Бул болсо дарыгерлерге жарандардын ден соолугуна көз салып турууга жардам берди. Коомдук жайларда «Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана Эверфин менен Грин Stars City шаарларынын мэрияларынын атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз калкына кам көрөт. Буга байланыштуу Сизден батириңиздин каалгасында илинген таблицаны толтуруп турууңузду өтүнөбүз. Ал таблица Сиздин ден соолугуңуз жана абалыңыз тууралуу бизге маалымат берип турат» деген жазуулар бар калкка кайрылуулар илинип чыкты. Бул иш-чара сынак форматында өткөрүлүп, өз ден соолугуна кам көргөн ак ниет жарандарды аныктоого жардам берди. Дээрлик бардык жашоочулар өз таблицаларын толтуруп жатты. Бирок эң негизгиси дарыгер өзүн начар сезген жарандар тууралуу маалыматка ээ болуп, аларга өз убагында жардам көрсөтө алды.

***… жана тартипке көзөмөл жүргүздү***

*Батирлердин ачкычтарын берүү үчүн көзөмөлдү күчөтүү*

Шаардагы кызматчы аялдары жарандардын бөлмөнүн номери жазылган паспортторун текшербестен, ачкыч бере бергени көйгөйгө айланды. Мындай шалаакы мамиле бөлмөлөрдүн ачкычтары бөтөндөрдүн колуна тийип калганга жеткирди. Шаар мэри кызматчы аялдар менен сүйлөшүп, ар бир жашоочуга паспортун көрсөткөндө гана ачкыч берүүгө көндүрдү. Ошондой эле шаар жа-





шоочулары тартипти сактап, өздөрү да ачкычка жопокерчиликтүү мамиле жасоо зарылдыгы тууралуу буйрукту бекитти.

*Жолдорду оңдоо*

Шаардын жашоочулары жолдун тосмолонбогон участогунда өздөрү эле жол ачып алышкан. Өзгөчө кечинде ошол жол менен өткөндө чалынгандар көп болуп жатты. Эки шаардын жашоочулары бутактарды сындырып, быша элек өрүк жеп, ооруп калуу коркунучу пайда болду. Мэрия эки жумушсузду ишке алып, алар жолду эки жагынан таштар менен тосуп чыгышты. Ал эми өрүктүн бутактарына быша эле жемиш ден соолук үчүн канчалык кооптуу болгонун эскерткен баракчалар илинди. Мына ошентип жарандардын коопсуздугу гана камсыздалбастан, ошону менен бирге жумушсуздук маселеси да чечилди».

*Бюджет боюнча коомдук угуулар*

Онунчу күнү 50 жашоочунун катышуусу менен бюджет боюнча коомдук угуулар өтүп, анда эки шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттин аткарылышы жана аткарылган иштер тууралуу калкка отчет беришти. Жарандардан чечилбей жаткан социалдык көйгөйлөргө байланыштуу суроолор узатылып, сын пикирлер болду: жумушсуздар жана тамактануу үчүн акча төлөө мүмкүнчүлүгү болбогон Өлкөнүн социалдык жактан аярлуу жарандары дагы эле бар болчу; үтүктүн жоктугу маселеси көтөрүлдү; улуулардын тамеки чегүү маселеси козголду. Жашоочулар бул көйгөйлөр чечилет деген үмүтүн билдирсе, шаар мэрлери жана жергиликтүү кеңеш депутаттары өз кезегинде калкка чукул арада бул маселелерди чечүүгө убада беришти.

Сенатор Сухробжон ЭРГАШОВдун баамында, эки муниципалитеттин коомдук угуулары парламентитк угууларга караганда бир кыйла жогорку деңгээлде өттү. Эки шаардын ЖӨБ органдары кандай иштегени, коомдук угууларга канчалык жопокерчиликтүү даярданганы айтылып, бюджетин эсептеп чыгып, чогулуштардын протоколдорун көрсөтүштү, жасалган иштерди жазуу жүзүндө баяндап беришти.

Эмесе, 6 күндүн ичинде балдар муниципалитеттердин коомдук акчасын башкарганды гана үйрөнбөстөн, ошону менен бирге жашоочулардын социалдык көйгөйлөрүн ыкчам чечүү керек, бирок акча жок; мамлекеттик аткаминерлер жана саясатчылар тарабынан түшүнүү болбогондо; жергиликтүү жамааттын күнүмдүк көйгөйлөрүн кайра-кайра чечүү керек учурда муниципалдык кызматчылардын жоопкерчилик жүгүн сезе алышты.

Айжамал ТУРАТОВА, шаар мэри (17 жашта, Ош ш.): *«Башында мен өзүмдүн мэр катары милдеттериме оюн катары мамиле жасап жүрдүм. Мурда такыр саясатка кызыкчу эмесмин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түзүлүшү тууралуу түшүнүгүм да жок болчу жана сырттан байкоо салганда чакан жамаатты башкаруудан оңой иш жоктой сезилчү. Бирок шаар мэри болуп калгандан кийин чоң жоопкерчиликти сезип, атүгүл коркуп да турдум. Муну иш менен гана жеңүү мүмкүн эле. Жигердүү иштей баштадым, ар бир адамга өзүнчө мамиле жасап, психолог болгонду үйрөндүм, мамиле курганды өздөштүрдүм. Кээде көйгөйлөрдү чечүү өтө оор болчу. Мисалы, кызматчы аялдар менен макулдашкандан кийин да алар мени укпай жатышты, же жолду тосмолоп жатканда көптөр иштегенден баш тартышты. Бирок мен башкарганды, жалпы кызыкчылыктар менен ой жүгүрткөндү, чечим кабыл алганды жана адамдар алдында сүйлөгөндү үйрөндүм. Бул тажрыйба мага саясатка барбасам да, бизнестеги келечегиме жардам берет деп ойлойм*».

Эля КЕРИМБЕК кызы, шаар мэри (15 жашта, Бишкек ш.): *«Жергиликтүү өз алдынча башкарууда иштеп жатып, мен жамаат мүчөлөрүнүн жана жарандардын пикирин изилдөө жана аларды эске алуу маанилүү экендигин түшүндүм. Бирок бул абдан татаал жумуш экен, өзгөчө жергиликтүү бюджетте акча каражаты тартыш болгон учурда. Үйгө кайтып барганда, мектеп бюджети боюнча коомдук угуу уюштурууну жана ЖӨБдү мектепке жайылтууну сунуштоону пландаштыруудамын. Ошондой эле шаар мэри менен жолугуп, шаарда кандай көйгөйлөр бар экендиги жана аларды кантип чечсе боло тургандыгы жана мен кандай салым кошо ала тургандыгым тууралуу талкууламакчымын».*






# Жумуштуулук жана бизнес

Биринчи күндөн тарта – лагерге көчүп келген күндөн баштап Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн бардык жашоочулары өз жашоосун пландаштырып, саясатчынын, банкирдин, адвокаттын, юристтин, артисттин, дизайнердин, бизнесмендин, оператордун же кабарчынын кесибин тандоодо кызуу талкууга түшүштү.

Балдарга кесип тандоодо жардам берүү үчүн «Кадрлар империясы» уюму өз ишин баштады. Уюм ишке арыздарды кабыл алып, же квалификациялуу кызматкерлерди издөөдө жумуш берүүчүнүн да ролун аткарып жатты. Көңүл бурууну, олуттуу тажрыйбаны жана эмгек рыногуна тынымсыз талдоо жүргүзүп турууну талап кылган, кадрларды сапаттуу жана тез тандоо боюнча иш менен Финансылык агартуучулук институтунун кураторлору – финансылык сабаттуулук боюнча педагогдор алектеништи. «Кадрлар империясынын» ишинин натыйжасында муниципалитеттердин жашоочулары ишке орношуу боюнча бардык жол-жоболордон өтүп, жумушка орношуп, акча таба баштышты. Юрист, банк кызматкери өңдүү айрым кесиптер абдан популярдуу болду. Суроо-талап боюнча экинчи орунда театрдын актеру, дарыгердин, коомдук тамактануу жана соода чөйрөсүндөгү ишкер кесиптер болду. Анткен менен жашоочулардын көбү туруктуу маяна акысы үчүн мамлекеттик мекемелерге ишке орношуп жатышты. Өлкө жашоочуларынын орточо эмгек акысы жылына (күнүнө) 300дөн 1000 гринге чейин болуп турду.

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн экономикасынын өзүнө тарткан бөлүгү бизнес-сектор болду. Болочок ишкерлер базарды изилдөөгө жигердүү киришти; алгачкы бизнесмендер пансионаттын ашканасынын базасында ресторан бизнесин жүргүзүүгө укук берген төрт лицензияны тез арада сатып алышты. Ачык тоорук (аукцион) аркылуу өтө катуу кармаштан кийин ашканадагы төрт ресторанга болгон баа болуп көрбөгөн чекке – бештен 55 миң гринге чейин жетти.

Кафеде официант катары иштөө үчүн персоналды издөө, ошондой эле ресторандагы орундарды бир талон үчүн 200 гринден сатуу бизнесмендердин кийинки кадамы болду. Бул талон Өлкөнүн ар бир жашоочусуна үч жолу (эртең менен, түштө, кечинде) тамактануу мүмкүнчүлүгүн берген. Талон сатып алмайынча эч ким ресторанга кире албак эмес. Бактыга жараша, 21 жаштан жогору пенсионерлерге бекер тамактанууга жеңилдиктер берилди.

Аукцион аркылуу чекене соода жүргүзүү укугуна 3 лицензия, спорттук иш-чараларды өткөрүүгө 2 лицензия, маданий-көңүл ачуучу иш-чараларды (флэш-мобдор, үйлөнүү тойлору ж.б.) өткөрүүгө 2 лицензия, сулуулук салонунун ишине жана типографиялык кызмат көрсөтүүлөргө лицензия сатылды. Ресторан бизнесмендеринен тышкары өз ишканаларын ачкан демилгелүү жашоочулар да болду. Мисалы, Нурик БАКИШЕВ (17 жашта, Ош ш.) оюн аянтчасын ачып, дартста бир топ акча тапты.





# Билим берүү, маданият, спорт жана бош убакыт




## Билим берүү

Жайкы мектептин маанилүү компоненти Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Билим берүү академиясы жана Финансылык агартуучулук институту болуп калды. Ректордун жана проректордун бош турган кызмат орундарына талапкерлер көп болду. Ошондуктан тандалып алынгандар эң прогрессивдүү жана креативдүү башкаруучу команда болуп калды. Баары ар бир курсту тааныштыруудан башталды: маалымат такталары, сүрөттөр, колго жасалган буюмдар, плакаттардагы жаңы идеялар балдар алардан эмнени үйрөнө аларын көрсөтүп турду. Балдардан түзүлгөн Билим берүү академиясы квиллинг[1], сүрөт тартуу, бий жана актерлук өнөр ж.б. боюнча окутуучуларды тааныштырды.

Финансылык агартуучулук институтунда балдар акча каражаттарын колдонуу маданиятына үйрөнүштү; финансы жагынан сабаттуу адам болуш үчүн жеке акчаны кантип туура сарпташ керек, канткенде финансы жактан көз каранды-

[1] Квиллинг (англ. quilling – quill «куштун канаты» сөзүнөн алынган) – колдонмо чыгармачылыктын түрү, кагазды эшүү катары да белгилүү – бул спиральга эшилген кагаздын узун жана кууш тилкесинун жасалган жалпак же көлөмдүү композицияларды жасоо искусствосу.




сыз игйиликтүү адам болуш керек дегенди өздөштүрүштү. Финансылык агартуучулук институтунун ийгилигине педагогдор Ирина МАСЛОВА, Нургуль НУРАЛИЕВА, Луиза АСАКЕЕВА жана Сухробжон ЭРГАШЕВ себепчи болушту. Алар күн сайын 57 студентти окутуп турушту. Институттун алкагында «Финансылык көз карандысыздыкка ачкыч» аттуу окуу китеби апробацияланды. Ал өзүнө төм. темаларды камтыган: «Жеке акчаны башкаруу пирамидасы», «Акчага карата мамиленин үч тиби», «Инвестициялоо жана анын аспаптары», «Насыя», «Долбоор жана долбоордук ишмердик», «Мектептеги коомдук бюджеттик угуулар». Апробация педагогдордун изилдөө жана аналитикалык иштери менен коштолду. Бул үчүн окуу китебине тиешелүү суроолор, эскертүүлөр, сунуштар жана сунуштоолор боюнча курстун катышуучуларынын ичинен 5 кишиден турган эксперттик комиссиянын эки жыйыны өткөрүлдү. Окуу китебин баалоо боюнча угуучулар арасында социологиялык сурамжылоолор уюштурулуп, өткөрүлдү. Сурамжылоонун негизинде толуктоолорду киргизүү үчүн сунуштар жана сунуштоолор түзүлдү.

Студенттер арасында финансылык сабаттуулук боюнча эки темада дил баян сынагы уюштурулду. Ал темалар: 1) финансылык сабаттуулук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча билим алгандан кийин менде эмне өзгөрдү; 2) финансылык сабаттуулук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча алынган билимди өз жамаатымда кантип жайылта алам. Баары болуп 41 дил баян[1] жазылды. Тандап алуунун жыйынтыгы боюнча 18 дил баян мыкты деп табылды. Жамааттарда финансылык агартуучулукту уланта берүү боюнча 7 долбоор иштелип чыкты, анын алкагында балдар өз мектептеринде жана балдар үйлөрүндө финансылык агартуучулук боюнча тренингдерди, мектеп бюджети боюнча мектептерде коомдук угууларды өткөрүүнү пландаштырып жатышат. Сынактын жеңүүчүлөрү дипломдор жана жеке финансыны башкаруу тууралуу китептер менен салтанаттуу түрдө сыйланды.

Билим берүү академиясында Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн айрым улуу жана жаш жашоочулары компьютердик сабаттуулук боюнча курсту (Айтурган КОЧКОНБАЕВА), «Интернет жана биз» курстарын (Василий ВОРОБЬЕВ), бизнес-пландаштыруунун негиздери боюнча курсту (Нургуль НУРАЛИЕВА), актерлук өнөр (Уланмырза КАРЫПБАЕВ), колдонмо өнөр (Маргарита БАЙТИКОВА), квиллинг (Дениза СЕКАЛИЕВА), элдик бий (Саида КУРМАНБАЕВА), математика курстары (Зырапакан КОЖОЕВА) жана фокус искусствосу (Талгарбек ЗАМИРБЕКОВ) боюнча курстар уюштурулду.

## Маданият

Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндө маданияттын негизги флагманы КР маданиятынын жаш отличниги Уланмырза КАРЫПБАЕВдин жетекчилиги алдында Академиялык драма театр болуп калды. Кастинг өтүп, театрдын труппасына таланттуу актерлор тандалып алынды. 10 күндүн ичинде 14 актердун жардамы менен белгилүү өзбек автору Саид Ахмаддын пьесасы боюнча көңүлдүү спектакль коюлду. Ошону менен бирге каармандардын диалогу түрдүү тилдерде жаңырды. Ал эми бетке коюлган грим, жаш таланттуу актерлордун өнөрү көрүүчүлөрдү ушунчалык күлдүргөндүктөн, спектакль күлкү майрамына айланып, бардык катышуучулардын маанайын көтөрдү. Театр режиссерунун

[1] Айрым дил баяндарды «Муниципалитет» журналынын ушул санынан таба аласыз.





айтымында, бет ачардын ийгилигин балдардын кызыгуусу жана даярдык көрүп, мыкты аткара алган актерлор камсыздады.

Мындан тышкары АДТнын режиссерунун жетекчилиги алдында студенттик театр ачылып, ага академиялык театрга кастингден өтпөй калган 18 актер кирди. Студенттик театр «Жан дүйнөнүн кылдары» деген аталышта театралдык кече уюштурду. Анын программасына дүйнөлүк драматургиядан үзүндүлөр кирди. Алар Ч.АЙТМАТОВдун «Саманчынын жолу», А.ОСТРОВСКИЙдин «Чагылгандуу жаан» жана «Курманжан Датка».

Маданий иш-чаранын соңунда «Алтын тобурчак» кинофестивалы өттү. Анда 3 оюн тасмасы көрсөтүлдү. Кинофестивалдын алкагында тасмалар сынагы өтүп, анын жыйынтыгы боюнча билим берүүдөгү коррупция, Ысык-Көлдүн таржымалы, үч бекем дос тууралуу философиялык окуя тууралуу сабак болорлук жана кызыктуу тасмалар тартылып, балдарга белектер жана дипломдор тапшырылды.

## Спорт

«Дени сак денеде дени сак дух!» деген ураан алдында пенсионерлер жана Өлкөнүн жаш жашоочулары ортосунда футбол жана волейбол боюнча таймаш өттү. Анда жаштар жеңишке жетти. Шахмат боюнча турнир уюштурулуп, интеллектуалдык мелдешке 14-27 жаштагы билгичтер катышты. Көпчүлүк катышуучулар медалдар жана акчалай сыйланып, Абубакир АХМЕДОВ (9-класс, Кочкор-Атада ш.) жеңүүчү деп табылды.

Негизги окуя - Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн Спартакиадасы болуп калды. Ал салтанаттуу түрдө ачылып, Спартакиаданын туусу көтөрүлүп, «кара жорго» бийи менен коштолду. Бардык жашоочулар акчалай байгени жеңип алуу үчүн төрт командага бөлүндү. Күжүрмөн духту көтөрүү үчүн ар бир команда беттерин боёп, аталыштарды ойлоп табышты. Бардык таймаштар кум жээкте өтүп, командалар болгон күчүн көрсөтүштү. Үчүнчү күнү Спартакиаданын расмий жабылышы болуп, жеңүүчүлөргө медалдар, дипломдор, эсте каларлык сувенирлер жана акчалай байгелер тапшырылды.

## Көңүл ачуу

Уникалдуу Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүндөгү жайкы эс алуунун ар бир кечи эсте каларлык иш-чаралар менен коштолуп турду. Анын биринчиси – «Даңк мүнөтү» кечки шоусу болду. Мыкты ыры, бийи, гитара жана комузду черткени үчүн артист балдардын ар бири өзүнүн даңк мүнөтүнө ээ болду. Баарын 9-класстын окуучусу Талгарбек ЗАМИРБЕКОВдун фокустары таң калтырды.

Экинчи күндүн кечинде «Fashion day» шоусу уюштурулду. Балдар өзүнүн модалуу гардеробун чечүүгө чыгармачыл мамиле жасашты. Мода көрсөтмөсүндө кийимдин түрдүү стилдери тартууланды: улуттук костюм (мусулмандардын, кыргыздардын жана лөлүлөрдүн улуттук кийимдери көрсөтүлдү), кечки көйнөк, баш кийим, иш стилиндеги кийим, джинсы жана спорт кийимдери болду. Мода күнүнүн эсте калган учуру пенсионерлердин фантастикалык кийим кийип чыкканы болду. Алар эмоциялардын толкунуна кабылып, узакка созулган кол чабууларга арзышты. Калыстар түрдүү номинацияларда жеңүүчүлөрдү



атады: кечки көйнөк – София СИМОХИНА, джинсы – Меримай НУРАЛИЕВА, баш кийим – Талгарбек ЗАМИРБЕКОВ, «пенсионерлер» – желим шардан жасалган көйнөк үчүн Шолпан БАЙТИКОВА. Көрүүчүлөр арасында моданын тарыхы боюнча викторина өтүп, аудитория көптөн кабардар болгонун көрсөтүп, бардык суроолорго жооп бере алды. Мода көрсөтмөсүнүн ардактуу коногу маркетологдор клубунун модератору, консультант, «Рекламный профиль» компаниясынын негиздөөчүсү жана директору Артур ЗОТОВ болду.

Кийинки кеч – «Поэзия кечеси» жүрөктү элжиреткен жана табышмактуу болду. Анын жүрүшүндө баары классикалык жана заманбап авторлордун ырларын, өз чыгармаларын окуп беришти.

Көңүл ачуучу иш-чаранын эң мыктысы «Өпөзүндөй» шоу болуп калды. Балдар эстраданын көптөгөн белгилүү артисттерин тууршты. Театр режиссеру Уланмырза КАРЫПБАЕВдин аткаруусундагы Людмила ГУРЧЕНКО жана ментор Медербек СҮЙҮНОВдун аткаруусундагы Валерий ЛЕОНТЬЕВ баарына жакты.

Жайдын назик аккорду «Жай периси-2015» сынагы болуп калды. Эвергриния – ФБС Муниципалитети Өлкөсүнүн жашоочулары сурамжылоо жолу менен перинин критерийлерин аныктап алышты: интеллектуалдык жактан күчтүү, билимдүү, чырайлуу, жөнөкөй, шайыр, жигердүү, тартиптүү, табышмактуу. Подиумга чыккан эң сулуу жана кайраттуу кыздардын жетилигинин ичинен Умидахон НАЖИМИДДИНОВА (17 жашта, Жалал-Абад ш.) жеңүүчү деп табылды.

**Автордон**

Кызыктуу сапарларга, өзүнө тарткан укмуштуу окуяларга жана күтүүсүз ачылыштарга бай болгон он эки күн бир көз ирмемдей өтүп кетти. Бирок бул көз ирмем балдардын жана чоңдордун эсинде өмүр бою калмакчы. «Эвергриния» Республикасы менен бириктирилген нөөмөттө финансылык агартуучулук боюнча «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектебине катышкан балдар кийин өз алдынча жол таап, прогрессивдүү алдыңкы компаниялардын топ-менеджерлери жана жетекчилери, түрдүү тармактарда лидерлер болушу – бул эң негизгиси.

Балдарга уникалдуу мүмкүнчүлүк берилди – турмуш тиричиликтин бардык чөйрөсү – саясат, экономика, бизнес, билим берүү, социалдык чөйрө, маданият жана спорт камтылган бир мамлекетти куруу. Билим алгысы келгендер Финансылык агартуучулук институтун ийгиликтүү аяктап, Билим берүү академиясында кошумча билим алышты; болочок саясатчылар менеджерлер жана башкаруучулар катары өзүн көрсөтүштү; банкирлер банк системасын курушту; ишкерлер өз бизнесин ачып, аны өнүктүрүштү; прокурорлор, соттор, адвокаттар Фемиданын сабактарын өздөштүрдү; актерлор жана спортчулар жылдыз болушту.

Балдар өздөрү менен кошо финансылык агартуучулук боюнча долбоорлорду ала кеткени өзгөчө маанилүү. Алар туугандарына, досторуна, классташтарына жеке жана коомдук финансыны башкаруу көндүмдөрүн жакшыртууга жардам берип, бул долбоорлорду өз жамааттарында ишке ашыра алышат, өз келечегин коргоп, өзүнүн жана айлана-чөйрөсүнүн турмуш сапатын жакшырта алышат.



# Айдар АКБАШЕВ: «Мен үй-бүлөмдүн финансы билимдеги кенемтесин толуктоого аракет жасайм»

### 16 ж., Каракол шаары

Бардык балдар – «Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектебинин катышуучулары алган билимдерин андан ары өткөрүп бере алышат. Бул иште маалыматты жайылтуу үчүн долбоорлорду уюштура ала турган жигердүү жаштардын жардамы керек. Балким жаштарды финансылык агартууну боюнча долбоор менин алгачкы өз алдынча долбоорум болуп калат чыгаар.

«Фин-Билим-Сити Муниципалитети» жайкы мектебинде беш күндүн ичинде финансылык агартуучулук сабактары өттү. Мен бешөөнө тең катыштым. Мен акчанын негизги принцибин түшүндүм: «Акча бир жерде эле жөн жата бербеш керек». Үйгө баргандан кийин ушул жерден алган билимимди үй-бүлөмдүн жана Кыргызстандын керегине колдоном. Менин үй-бүлөмдүн мүчөлөрүндө жаш кезинде финансы тууралуу билим алуу мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Мен аларга алган билимдин кайсы бир бөлүгүн жеткирем деп үмтөтөм. Өз замандаштарыма пайда алып келериме ишенип турам. M



# Мира ЖАКШЫЛЫКОВА: «Насыя алардын алдында катуу ойлонуп көрөм»

**15 ж., Чолпон-Ата шаары**

Башында, Жайкы мектепке жаңы эле келгенде баарын билем деп ойлогом. Бирок чынында биздин өлкөнүн финансы тууралуу эч нерсе билбеген калкынын 90% катарында экенмин. Финансылык агартуучулук боюнча кызыктуу жана кесипкөй курстардын жардамы менен инвестиция, насыя, камсыздандыруу тууралуу көп маалыматка ээ болдум. Акчанын пайда болуу таржымалы жана жеке каражатты башкаруу пирамидасы өтө кызыктуу болду.

Келечекте эгерде кайсы бир компанияга инвестиция салсам, инфляция болуп кетиши мүмкүн экенин билгенден кийин эми терең ойлонуп иш кылам. Эми өтө зарылчылык болмоюнча насыя албаганга аракет жасайм. Алсам дагы аны «жумшак» шарттар менен, бардык варианттарды ойлонуштуруп көрүп алам. Эгерде мени окууга чейин жана окуудан кийин салыштырып көрсөк, анда эки ар башка адамды байкоого болот. Атүгүл чөнтөктөгү майда акчаны да акыл калчап сарпташ керек. Мен мурда буга көп деле көңүл бурчу эмесмин жана чөнтөктө шыгырап жүргөн тыйынды оңго-солго чачар элем. Эми болсо өз чыгашаларымды жана кирешелеримди жазып, акча топтой баштадым.

Мен жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу көп кызыктуу маалыматтарга ээ болдум: бийликти бөлүштүрүү, кызматтар, финансы тууралуу. Үйгө баргандан кийин мектепте ЖӨБ тууралуу айтып берем, жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана жергиликтүү жамаатка байланышкан долбоорду ойлоп табам.



# Аманиса МАМЕДОВА: «Эми мен өз керектөөлөрүмдү каалоолоруман ажыратып, финансылык максаттарды коюп, аларга жетүүгө аракет жасайм»

**17 ж., Каракол шаары**

Бардык эле адамдар акча эмне экенин биле бербейт. Бирок бардык балдар аларда ата-энесинин арты менен акчасы бар болгонун билишет. Аны эч ойлонбостон коротуп, ошол акча кандай кыйынчылык менен табыларын билбейбиз. Жайкы мектепке келгенге чейин акча кайдан келет деген суроого мен мындайча жооп берчүмүн: атамдын капчыгынан же апамдын баштыгынан. Бирок эми болсо финансылык жактан сабаттуу адам кандай болорун баамдап калдым - бул акчаны таап, аны башкарып, туура сарптап, акча чогултканды билүү керек дегенди билдирет. Мунун менен сен өзүңдүн финансылык келечегиңди коргой аласың.

Финансы жактан сабаттуу адам – бул демек жеке финансыны башкарууда жоопкерчиликтүү болуп, колдо болгон акча ресурстарын сабаттуу бөлүштүрүүнүн эсебинен өзүңдүн берекелүү турмушуңду түзүүгө жөндөмдүү болуу жана болочок чыгашаларды пландаштыруу дегенди билдирет.

Бул беш күндүн ичинде мен финансы дүйнөсү мурдагыга салыштырмалуу татаал болгонун түшүндүм. Алыш-бериш жана сактык эсептери эмне экенин түшүнүү – бул билиш керек болгон нерсенин кичинекей гана бөлүгү. Мен инвестиция эмне болгонун билдим – бул келечекте пассивдүү киреше алып келе турган нерсеге акча салуу. Эгерде мен өз акчамды туура инвестициялаcам, анда тез эле өзүмдүн финансылык максаттарыма жетем. Үйгө баргандан кийин акчамды депозитке салып коем. «Төрт конверт» эрежесин колдоном, канча акча тапса, ошончо короткон адамдардын тобунан тапканына караганда азыраак акча короткондордун тобуна өтөм. Эми мен өз керектөөлөрүмдү каалоолоруман ажыратып, Фин-Билим-Сити үйрөткөндөй, чыгашаларыма жана кирешелериме талдоо жүргүзүп турам. Бирок дагы бир тапшырма бар – айлана-чөйрөмдөгү адамдарды финансылык сабаттуу жүрүм-турумга үйрөтүү. Анткени финансылык жактан сабаттуу адам болуу – бул маанилүү, абройлуу жана пайдалуу эмеспи!



# Акмарал МЕРГЕНТАЕВА: «Акча - бул курал. Адам аны кантип колдонсо, ал да ошентип иштейт - же пайда, же зыян алып келет»

**15 ж., Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району**

Мен акча биздин турмушубузда кандай роль ойнорун, адамдар экиге бөлүнөрүн - байлар адегенде чогултуп, анан сарптаса, кедейлер адегенде сарптап, андан кийин эч нерсе чогулта албай каларын түшүндүм. Мен эч качан банк системасын түшүнгөн эмесмин, насыя деген эмне, инвестиция деген эмне экенин билбей, насыя алууда кандай тобокелчиликтер болорунан кабарсыз болчум. Эми болсо мунун баарын билем деп ишенимдүү айта алам.

Мен күн сайын кирешелерге жана чыгашаларга эсеп жүргүзгөндү, акча топтогонду үйрөндүм. Бирок акча «жаздыктын алдында», кыймылсыз жатпаш керек. Алар иштеп туруш үчүн акчаны банкка депозитке салып койсо болот, же акция менен облигацияларды сатып алуу керек. Акчаң сага иштеп туруш үчүн түрдүү ыкмаларды тапса болот. Ирина МАСЛОВА мага «Акча - бул жаманбы?» деп суроо берди. Мен «Акча – бул курал. Адам аны кантип колдонсо, ал ошентип иштейт - же пайда, же зыян алып келет», - деп жооп кайтардым. Ата-энем канчалык кыйналганын эми гана түшүнүп, аларды аяп кеттим – алар бизди бактылуу болсун деп колдон келгенди жасашат. Бирок кээде биз муну түшүнбөй эле мүмкүн болбогонду талап кылабыз, ал эми алар болсо күчүнүн болушунча эмгектенишет. Мен жергиликтүү кеңештин депутаты болуп 10 күн иштедим жана чоңдорго окшоп иштөө абдан кыйын, бирок кызыктуу болду. Депутат болуп иштеген чакта жергиликтүү кеңеш, мэрия эмне экенин, алар эмне менен алектенерин, кантип иштей турганын түшүнүп, токтомдорду, регламентти жазганды, комдук угууларды өткөргөндү, шайлоочулар алдында берген убадам үчүн жооп бергенди үйрөндүм. Мен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин майда-чүйдөсүн өздөштүрө алдым. Көптөгөн пикирлерди эсепке алуу өтө кыйын болгонун түшүндүм. Бирок экинчи жагынан бул абдан убайлуу иш, анткени сен адамдарга, өз жамаатыңа жардам бересиң да.



# Евгения СТЕПАНОВА: «Бардык адамдар тапканына караганда азыраак сарптап, активдүү гана эмес, пассивдүү да киреше алып турушун каалайт элем!»

**17 ж., Каракол шаары**

Финансылык сабаттуулук боюнча курста акчаны тамактануу, көңүл ачуу, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, окуу, кийим-кече өңдүү күнүмдүк керектөөлөргө жөн гана таратпаса болорун билдим. Акча – бул менин колумдагы, өзүм башкарган аспап.

Акчаны инвестициялаcа болот. Ошол эле кезде киреше гана албастан, Кыргыз Республикасындагы рынокту да өнүктүрүүгө болот. Келечекте болгон акчамды акцияларга жана облигацияларга сөзсүз инвестициялайм. Анткени эгерде акчам менин гана колумда тура берсе, ал баалуулугун жоготуп коет.

Ошондой эле депозит деген эмне экенин, аны кантип колдонуш керектигин уктум. Үйгө барганда сөзсүз банкта депозит ачып коем. Албетте ал чоң киреше алып келбейт, бирок жылдар өтүп, туруктуу иш тапкандан кийин өз капиталымды көбөйтмөй болдум. Апам кадимкидей эле чалган күндөрдүн биринде «Эмне үчүн биздин депозитибиз жок?» деген суроомо эмне деп жооп берерин билбей калды. Чынында бул риторикалык суроо болчу. Жообу анык: Кыргызстандын жарандары финансылык жактан сабатсыз.

Лагерде бизнес менен алектенип, дүкөн ачайын деп чечтим. Финансылык агартуучулук институтунда алынган билимди колдонуу менен, мен жөн гана акча таап, аны сарптабастан, күн сайын өз кирешемен 20% депозитке сактап жүрдүм.

Насыялар тууралуу маалымат өтө кызыктуу болду. Мурда насыялардын жакшы жагы болбойт, тобокелчиликтер жана жогорку пайыздар менен

коштолот деп ойлочумун. Бирок эгерде насыяны жана банкты тандоого акыл калчап киришсең, анда коркпой деле койсоң болот экен.

Ошондой эле мага бизге берилген киетптер абдан жакты. Жеткиликтүү тилде жазылган китеп ар бир окуучуга түшүнүктүү болуп, өзүнүн күнүмдүк акчасын сабаттуу башкаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Үйгө баргандан кийин өз мектебимде тренингдерди жана класстык сааттарды өткөрөм. Мен бул жерден алган билимди өлкөдөгү бардык балдар билишин каалайт элем. Ошондуктан финансылык сабаттуулук - бул үй-бүлөнүн жана өлкө экономикасынын өнүгүүсүнө карай кадам. Ар бир жаран тапканына караганда азыраак акча сарпташын, активдүү гана эмес, ошону менен бирге пассивдүү кирешеге да ээ болуусун каалайм жана биргелешкен аракеттер менен бул максатка жетсе болот. Анткени биз акчага эмес, акча бизге иштеш керек!



## Эльмира УСЕНБЕКОВА: «Эми менде өз кыялымды орундатуу үчүн каражат таба алам деген ишеним күч»

**17 ж., Нарын облусунун Кочкор району**

Менде көп нерсе өзгөрдү. Мен акчаны баалай баштадым, аны кантип колдонуп, канткенде туура сарптаса болорун түшүндүм. Мурда мен ата-энемден күнүмдүк акчаны көп сурачумун жана алар мага канча бербесин, дайыма эле аздай сезиле берчү. Ата-энеме баргандан кийин мындай көрүнүш кайталанбайт. Мен өтө көп кыялданам жана максаттарым да көп. Бирок аларга жетүү үчүн акча керек. Эми акча тууралуу көптү билип калгандан кийин менде өз кыялымды орундата алам деген ишеним күч. Мисалы, насыя, депозит эмне экенин билем. Атүгүл акча эмне кыла аларын билип калдым. Мурда насыя алып, бирок кайтара албай калган үй-бүлөлөр тууралуу көп уккам. Ошондо эч качан насыя алабайм деп айтчумун. Албетте мен насыя албаганга аракет кылам. Бирок эгерде алууга туура келсе, эмнеге көңүл буруп, өзүмдү кантип коргой аларымды билем.



## Роза ХАДЖАКБАРОВА: «Ата-энебиз кандай эмгек менен акча таап жатканын түшүндүм»

**16 ж., Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району**

Жайкы мектеп менин жашоомду 180 градуска бурду. Бул жерден биз мектепте үйрөтпөй тургандарга үйрөндүк - бул жерден биз улуу, өз алдынча адамдарга окшоп жашаганды үйрөндүк.

Адегенде мен сүрөтчү болчум. Бул абдан кызыктуу жана сонун кесип! Такыр эле кереги жок буюмдар укмуш сонун болуп жатты. Мунун баарына бизди чырайлуу жана сабырдуу Алена СИВОХИНА үйрөттү. Бирок беш күндөн кийин мен Гринстар сити шаарынын мэриясынын кызматкери болуп калдым. Бул жумуш андан да жоопкерчиликтүү.

Бирок Финансылык агартуучулук институтундагы курстар мен үчүн эң кызыктуусу болду. Жайкы мектепке чейин мугалимим Нургуль НУРАЛИЕВА финансылык сабаттуулук боюнча тренингдерди, сабактарды өтчү. Мен өзүм да интернеттен кошумча маалыматты издечүмүн. Бирок өзүңдүн жеке акчаңды коротуп жатканда бул билимди дайыма эле колдоно бербегендиктен бул мен үчүн жетишсиз болчу. Бул лагерден мен өзүм акча таба баштаганда гана ата-энемди түшүнө баштадым. Алар көп күч жумшап, акча таап, бизди багып жатса, биз – балдар – дайыма нааразыбыз, андан да көбүн талап кылабыз. Мен ийгиликтүү жана берекелүү жашоо үчүн азыркы жаранга финансылык сабаттуулук зарыл болгонун баамдадым. Жайкы лагерь биз үчүн практика, өз алдынчалуулукка, келечекке даярдык болуп калды.